MAKTABGACHA VA MAKTAB TA'LIMI VAZIRLIGI

PEDAGOGIK MAHORAT VA XALQARO BAHOLASH ILMIY-AMALIY MARKAZI

Respublika Ta'lim Markazi

# 2025-2026-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРДИН

# 11-КЛАСС

# ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН

# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

# ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШ ЖАНА МАТЕРИАЛДАР

## 2025–2026-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНИН 11-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН ТАНДОО ФАНДАР ТОБУНДАГЫ ЭНЕ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТ ПРЕДМЕТТЕРИ БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫК КӨЗӨМӨЛ ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫНЫН СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

Бул спецификация жалпы билим берүүчү жана адистештирилген мектептердин 11-классынын окуучуларынын эне тили жана адабият предметтери боюнча билимдерин, көндүмдөрүн жана компетенцияларын баалоодо колдонулуучу тест тапшырмаларынын мазмунун, камтуу чөйрөсүн, түрүн, формасын, баалоо критерийлерин жана өткөрүү тартибине коюлган талаптарды аныктайт.

### I. Жалпы принциптер

Баалоонун максаты – 11-класстын окуучуларынын эне тили жана адабият предметтери боюнча билимдерин, көндүмдөрүн жана компетенцияларын колдонулуп жаткан окуу программаларында белгиленген окуу максаттарынын негизинде комплекстүү баалоо. Бул баалоонун жыйынтыктары 11-класстар үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда кабыл алынуучу чечимдердин негиздүүлүгүн (валиддүүлүгүн) камсыз кылуу максатында, баалоодо валиддүүлүк, ишенимдүүлүк, адилеттүүлүк жана ачык-айкындык принциптерин сактоо талап кылынат.

### II. Нормативдик негиздер

1. Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлигинин 2008-жылдын 4-мартындагы №56 буйругу менен бекитилген “Жалпы орто билим алуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобо”.
2. Эне тили жана адабият предметтери боюнча 5–11-класстар үчүн колдонулуп жаткан окуу программасы.
3. Өзбекстан Республикасынын Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү министрлигинин 2026-жылдын 16-мартындагы №102 буйругу “2025–2026-окуу жылында жалпы орто билим берүү мекемелеринде окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө”.

### III. Баалоонун камтуу чөйрөсү жана берилген убакыт

Эне тили жана адабият предметтери боюнча окуучулардын билим деңгээлин аныктоо үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда жалпысынан 25 тест тапшырмасы берилет.

**1-бөлүк:** 22 кыска жооптуу тапшырмадан турат (13 – эне тили, 9 – адабият). Жооп бир сан же баш тамга түрүндө жазылат.

**2-бөлүк:** 3 кеңири жооптуу тапшырманы камтыйт (2 – эне тили, 1 – адабият). Окуучу берилген тапшырма боюнча далилдерге негизделген, кеңири жана чыгармачыл жазма жооп берет.

Ар бир варианттагы суроолор төмөнкү мазмундук багыттарды камтыйт: орфоэпия (туура айтылыш) жана орфография пунктуация стилистика лингвистикалык талдоо текстти түшүнүү улуттук жана дүйнөлүк адабият адабият теориясы.

Тапшырмалар когнитивдик деңгээлдер боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт: билүү – 5 суроо (3 – эне тили, 2 – адабият), kолдонуу – 15 суроо (9 – эне тили, 6 – адабият), ой жүгүртүү (мулоҳаза) – 5 суроо (3 – эне тили, 2 – адабият)
Ар бир вариантта жалпысынан 25 суроо (15 – эне тили, 10 – адабият) берилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү үчүн 180 мүнөт убакыт каралган.

## IV. Тест тапшырмаларын түзүүдө колдонулуучу тексттерге коюлган талаптар

| Т/н | Тексттер | Мазмундук талаптар | Көлөмдүк жактан талаптар |
|---|---|---|---|
| 1 | **Илимий-популярдуу текст** | *Академиялык стилде жазылган, белгилүү бир тармакка арналган, кеңири окурмандарга (адис эмес адамдарга) багытталган, графикалык элементтерди да камтыган илимий-популярдуу текст (тест тапшыруучу үчүн жаңы, азыркы колдонулуп жаткан окуу китептерине киргизилбеген).* | 350-500 сөз |
| 2 | **Көркөм текст (проза, драма)** | *Кыргыз тилинде жазылган (же которулган) көркөм текст (прозалык же драмалык чыгармадан үзүндү) (тест тапшыруучу үчүн белгисиз, азыркы колдонулуп жаткан окуу китептерине киргизилбеген).* | 500-600 сөз |

## V. Тест тапшырмаларынын түрлөрү боюнча бөлүштүрүү

| Тапшырма түрү | Түшүндүрмөсү | Тапшырма саны |
|---|---|---|
| Кыска жооптуу ачык тест **(О1)** | Суроого кыска сөздөр менен жооп берүүнү талап кылуучу жазма тапшырмалар | 10 |
| Көп тандалмалуу жабык тест **(Ү1)** | Суроо мазмунуна дал келген жооп варианттары ичинен туурасын табууну талап кылуучу жабык тест тапшырмалар | 12 |
| Кеңейтирилген жооптуу ачык тест **(О3)** | Суроого толук жооп жазууну талап кылуучу жазма тапшырмалар | 3 |

## VI. Когнитив көндүмдөр жана бөлүмдөр боюнча бөлүштүрүү

| Билүү (Б) | | Колдоо (К) | | Ой жүгүртүү (О) | | Жалпы балл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| саны | балл | саны | балл | Кыска жооптуу 1-бөлүм | Кеңейтирилген 2-бөлүм | |
| **Кыргыз тили** | | | | | | |
| | | | | 1 | 2 | **100 балл** |
| 3 | 4 баллдан (12 балл) | 9 | 6 баллдан (54 балл) | 8 балл | 13 баллдан (26 балл) | |
| **Адабият** | | | | | | |
| 2 | 8 баллдан (16 балл) | 6 | 9 баллдан (54 балл) | 1<br>14 балл | 1<br>16 балл | **100 балл** |

| Когнитив даража | Түшүндүрмөсү | Тесттер саны |
|---|---|---|
| **Билүү (Б)** | Билүү деңгээлиндеги, башкача айтканда, репродуктивдүү тапшырмалар окуучудан предметке тиешелүү теориялык маалыматтарды, терминдерди, эрежелерди жана түшүнүктөрдү эстеп калууну, ошондой эле алардын мазмунун, максатын жана колдонулушун түшүнүүнү талап кылат. | 5 |
| **Колдоо (К)** | Колдоо деңгээлиндеги, башкача айтканда продуктивдүү тапшырмалар окуучудан билимди, түшүнүктөрдү жана процесстерди жаңы (тааныш эмес) кырдаалдарда колдонуу жөндөмүн талап кылат. | 15 |
| **Ой жүгүртүү (О)** | Ой жүгүртүү деңгээлиндеги тапшырмалар фактыларды, далилдерди жана пикирлерди салыштырууну, талдоону, божомолдоону жана жыйынтык(тар) чыгарууну камтыйт. | 5 |

## VII. Бааланууучу мазмун предметтик билимдер, көндүмдөр жана компетенциялар,тапшырма түрү, когнитивдик процесс жана баалоо критерийлери

| Мазмундук тармак | Суроо тартип саны | Долбоорлор | Тапшырма түрү | Когнитив даражасы | Баалоо критерийси |
|---|---|---|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ ТИЛИ** | | | **1-баскыч (кыска жооптуу)** | | |
| **Сөздөрдүн туура айтылышы** | 1 | *Айтылышы жана жазылышы боюнча айырмаларды аныктай алуу* | Ү1 | Б | 4 балл |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **жана жазылышы** | 2 | *Баш тамгалар, уңгу жана мүчөлөр, сөздөрдү бөлөк жана бирге жазуу эрежелери, сөздөрдүн арасына дефис коюп жазуу эрежелерин билүү жана пайдалана алуу* | Ү1 | К | 6 балл |
| | 3 | *Фонетикалык кубулуштар (сингармонизм)ды айырмалай алуу* | О1 | К | 6 балл |
| **Пунктуация** | 4 | *Жазма кепте тыныш белгилерди (суроо,илеп, көп чекит, үтүр, тире,дефис, кош чекит, үтүрлүү чекит, кашаа, тырмакча) туура колдоно алуу* | Ү1 | К | 6 балл |
| **Стилистика** | 5 | *Сөздөрдүн контексттеги мааниси жана милдетин түшүнү, айырмалоо ошондой эле туура колдонуу* | О1 | К | 6 балл |
| | 6 | *Берилген абалга дал келүүчү кептик үлгүлөрдү тандоо* | Ү1 | К | 6 балл |
| **Лингивистикалык талдоо** | 7 | *Текст( сүйлөм, сөз)ти азыркы кыргыз адабий тили фонетикалык нормативдери негизинде талдоо* | О1 | Б | 4 балл |
| | 8 | *Текст( сүйлөм, сөз)ти азыркы кыргыз адабий тили лексикалык нормативдери негизинде талдоо* | О1 | К | 6 балл |
| | 9 | *Текст( сүйлөм, сөз)ти азыркы кыргыз адабий тили морфологиялык нормативдери негизинде талдоо* | Ү1 | К | 6 балл |
| | 10 | *Текст( сүйлөм, сөз)ти азыркы кыргыз адабий тили синтаксистик нормативдери негизинде талдоо* | О1 | К | 6 балл |
| **Илимий популярдуу текстт окуп түшүнүү** | 11 | *Текст мазмунуна дал келүүчү маалыматты аныктоо* | Ү1 | Б | 4 балл |
| | 12 | *Текст бөлүмдөрү ортосундагы мазмундук байланыштарды аныктоо* | О1 | К | 6 балл |
| | 13 | *Тесттеги факт жана пикирлерди аныктоо* | Ү1 | О | 8 балл |
| | | **2-баскыч (кеңейтирилген)** | | | |
| | 14 | *Маалыматтарды жалпылаштыруу жана себеп-натыйжасын аныктоо* | О3 | О | 13 балл |
| | 15 | *Текст максатына туура чечим сунуш кыла алуу* | О3 | О | 13 балл |
| **Жалпы** | | | | | **100 балл** |
| **АДАБИЯТ** | | | **1-баскыч (кыска жооптуу)** | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз элинин оозеки чыгармачы лыгы** | 16 | *Жалпы билим берүүчү программаларга киритилген кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы түрлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо* | О1 | Б | 8 балл |
| | 17 | *Жалпы билим берүүчү программаларга киритилген кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүн түшүнүү* | Ү1 | К | 9 балл |
| | 18 | *Элдик эпосторду туура түшүнүү, талдоо жана баалоо* | О1 | К | 9 балл |
| **Өзбек жана дүйнөлүк адабият** | 19 | *Жалпы билим берүүчү программаларга киртилген өзбек жана дүйнөлүк адабиятында маанилүү орун ээлеген прозалык, лирикалык жана драмалык чыгармалар жөнүндөгү пикирлерди* | О1 | К | 9 балл |
| **Поэзия жанрындаг ы чыгармалар талдоосу** | 20 | *Элдик төкмө акындар жана азыркы доор кыргыз акындары лирикасын талдоо* | О1 | К | 9 балл |
| **Көркөм текст (проза, драма) талдоосу** | 21 | *Текст мазмунуна дал келүүчү тема тандай алуу* | Ү1 | Б | 8 балл |
| | 22 | *Тексттен келтирилген үзүндү негизинде каармандарга мүнөздөмө берүү* | Ү1 | К | 9 балл |
| | 23 | *Текст хронологиясы, кетме-кеттикти аныктоо* | Ү1 | К | 9 балл |
| | 24 | *Тексттин жалпы мазмуну негизинде пикир жүрүтүү* | Ү1 | О | 14 балл |
| | | **2-баскыч( кеңейтирилген)** | | | |
| | 25 | *Ачык айтылбаган пикир жана идеяларды аныктоо, болжолдоо* | О3 | О | 16 балл |
| **Жалпы** | | | | | **100 балл** |

## VIII. Баллды баага айландыруу тартиби

| Балл (%) | Баа | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| 0 – 29 | “2” | “эң жаман ” |
| 30 – 65 | “3” | “орто” |
| 66 – 85 | “4” | “жакшы” |
| 86 – 100 | “5” | “эң жакшы” |

## IX. Сынак процессине коюлган талаптар:

*Тыюу салынган каражаттар*: Сынак учурунда мобил телефон, акылдуу саат, планшет же эскертмелерди колдонууга катуу тыюу салынат.

*Адеп жана тартип*: Көчүрүү, жардам сурап же берүү, сынак учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу сыяктуу учурлар тыюу салынат.

Байкоочу эрежени бузгандарды аныктаганда, протокол түзүп, катышуучуну тесттен четтетет жана анын жыйынтыгы жокко чыгарылат.

## X. Сунуштала турган негизги адабияттар

### АДАБИЯТТАР:

### Кыргыз тили:

**1.** Кыргыз тили. **5-класс (I бөлүк)** [Текст] Окуу китеби / Ш.К. Уринбаева Г.Э.Шерматова; редактору М.И.Сулайманова– Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -124 б.

2.Кыргыз тили. **5-класс (II бөлүк**) Окуу китеби / Уринбаева Ш.К. Шерматова Г.Э.– Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -144 б.

3.Кыргыз тили [Текст]: **6-классы** үчүн окуу китеби/Ш.К.Уринбаева [жана башк]. - Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.

3. Кыргыз тили: [Матн]: **7-классы** үчүн окуу китеби/Ш.К.Уринова, Г.К.Шерматова - Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.

4. Кыргыз тили **8-класс** [Текст]: окуу китеби/Ш.Уринова, Н.Пардабаева; редактору Н.Алисултонова – – Ташкент: Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 224 б

5.Кыргыз тили: **9-класс** [Текст]: окуу китеби / / Ш.Уринбаева, Н. Пардабаева; редактору Н.Алисултонова – – Ташкент: Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 224 б

6..Кыргыз тили [Текст]: **10-класс** үчүн окуу китеби / Ш.К.Уринбаева, - [жана башк] - Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.

7. Кыргыз тили [Текст]: **11-класс** үчүн окуу китеби / Ш.Уринбаева, - [жана башк] - Т.: Чулпон атындагы БПЧҮ, 2018 -112 б.

### АДАБИЯТТАР:

8. Адабият **5-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова (I бөлүк) [Текст]: Окуу китеби М.А.Темирова, М.А.Сатибалдиев, Г.А.Темирова; редактору М.И.Сулайманова. – Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -100 б.

Адабият **5-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова (II бөлүк) [Текст]: Окуу китеби М.А.Темирова, М.А.Сатибалдиев, Г.А.Темирова; редактору М.И.Сулайманова. – Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -128 б.

9.Адабият [Текст]: **6-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова [жана башк.] – Ташкент:, Республикалык билим берүү борбору 2022. -224 б.

10.Адабият [Текст]: **7-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова [жана башк.] – Ташкент:, Республикалык билим берүү борбору 2022. -224 б.
11.Адабият **8-класс**. [Текст] окуу китеби/ М.А.Темирова, М.Сатибалдиев;– Ташкент:Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 240 б
12. Адабият **9-класс** [Текст] окуу китеби/ М.А.Темирова, М.Сулайманова. редактору Г.Темирова; – Ташкент:Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 240 б
13.Адабият [текст]: **10-классы** үчүн окуу китеби//М.Темирова жана башк. Ташкент:Билим берүү борбору 2024 -120 б.
14. .Адабият [Текст]: **11-классы** үчүн окуу китеби//М.Темирова жана башк. Т.: Чулпон атындагы БПЧҮ, 2018 -256 б.

## 2025 – 2026-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА АДИСТЕШТИРИЛГЕН МЕКТЕПТЕРДИН 11 –КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ТЕКШЕРҮҮ ЭКЗАМЕНДЕРИН ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРЕДМЕТИНИН ТАПШЫРМАЛАРЫ

**Кыргыз тили**

**1-СУРОО**

1. (Билүү – 4 балл) Орфографиялык жактан туура жазылган сөздөрдүн тартип санын жазгыла.

1. *Кечкурун. 2. Кара мүртөз .3. Үймө үй. 4. Темир жол, 5 .Автобус. 6. Деректор, 7 .Институт.8. экзамен. 9. Телефъон. 10. Бизнес.*

**Жооп:**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |

2. (Билүү – 4 балл) Орфографиялык жактан туура жазылган сөздөрдүн тартип санын жазгыла.

*1. Бактылуу.2.Компютер. 3. Класс. 4. Ата-эне. 5. Бака –жалбырак. 6. Башма-баш.*
*7. Программа. 8. Бала-бакча. 9. Студент. 10. Университет.*

**Жооп:**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |

3. (Билүү – 4 балл) Орфографиялык жактан туура жазылган сөздөрдүн тартип санын жазгыла.

*1. Музей. 2. Тайэне.3. Үй-бүлө. 4.Эр жүрөк. 5. Нью-Юорк. 6.Курт-кумурска.7.Каалоо. 8.Театр. 9. Байыртадан. 10. Мугалим.*

**Жооп:**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |

4. (Билүү – 4 балл) Орфографиялык жактан туура жазылган сөздөрдүн тартип санын жазгыла.

*1.Иш билги.2.Келгемин.3.Айры. 4.Китепкана. 5.Комусчу. 6.Кажы-кужу. 7. Азатык. 8. Күндөлүк. 9.Түңкү. 10. Шайлоо.*

**Жооп:**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |

5. (Билүү – 4 балл) Орфографиялык жактан туура жазылган сөздөрдүн тартип санын жазгыла.

*1.Тилембе. 2.Жаштык. 3. Кийимдер. 4. Кубанычтуу. 5. Психологтон. 6. Проект. 7. Процес. 8. Берекелүү. 9. Беш-алты. 10. Ыракмат.*

**Жооп:**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |

**2-СУРОО**

1. (Колдоо – 6 балл) Орфографиялык жактан дефис белгиси туура коюлган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла.

1. Ата-энелер жыйыны башталгандан кийин, мугалимдер окуу-тарбия иштеринин жыйынтыгын талкуулашты.
2. Биз кыргыз-орус сөздүгүн колдонуп жатканыбыз менен, айрым сөздөрдүн маанисин дагы так түшүнө алган жокпуз.
3. Дене-тарбия сабактары окуучулардын ден соолугун чыңдоого жардам берет.
4. Илим-билимге умтулган жаштар коомдун өнүгүшүнө чоң салым кошот, анткени билимдүү адамдар ар дайым алдыга умтулат.
5. Тамак аш-өнөр жайы акыркы жылдары тез өнүгүп, жаңы ишканалар ачылууда.
6. Жаратылыш коргоо-чаралары жетишсиз болсо, экологиялык абал начарлай берет.
7. Коомдук-саясий өзгөрүүлөр ар бир адамга таасирин тийгизет, ошондуктан бул маселелерге кайдыгер карабоо керек.

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

2. (Колдоо – 6 балл) Орфографиялык жактан дефис белгиси туура коюлган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла.

1. Электрон-почталар аркылуу маалымат алмашуу бүгүнкү күндө кеңири жайылды.
2. Окуу-тарбия процесси туура уюштурулса, окуучулардын билим деңгээли жогорулайт жана алар сабакка кызыгуу менен катышат.
3. Аба-транспорту аркылуу саякаттоо ылдам болгону менен, кээде кымбатка түшөт.
4. Тарыхый-адабий чыгармаларды окуу менен, биз өткөн доордун баалуулуктарын тереңирээк түшүнө алабыз.
5. Экономикалык-социалдык өнүгүү өлкөнүн келечеги үчүн негизги шарт болуп эсептелет, ошондуктан бул багытта көп иштер жүргүзүлүүдө.
6. Көркөм-чыгармачылык ишмердүүлүк адамдын ички дүйнөсүн байытып, анын ой-жүгүртүүсүн кеңейтет.
7. Саламаттык-сактоо тармагында реформалар жүргүзүлүп жатканы менен, айрым көйгөйлөр чечиле элек.

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

3. (Колдоо – 6 балл) Орфографиялык жактан дефис белгиси туура коюлган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла.

1. Тоо-таштар менен курчалган аймакта жашаган эл табияттын кооздугун баалап, аны коргоого аракет кылат.
2. Илимий-изилдөө иштерине катышкан студенттер жаңы ачылыштарды жасап, өз билимдерин тереңдетишет.

3. Маалымат-технологияларынын өнүгүшү жаштар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты.
4. Түштүк-чыгыш аймагында аба ырайы өзгөрүп тургандыктан, дыйкандар алдын-ала даярдык көрүштү.
5. Орто-Азия элдеринин тарыхы бири бири менен тыгыз байланышта болгондуктан, алардын маданиятында окшоштуктар көп кездешет.
6. Суу-чарбасы тармагында иштеген адистер жаңы технологияларды колдонууга өтүштү.
7. Кечээки жыйындын жүрүшүндө социалдык-укуктук маселелер кеңири талкууланып, маанилүү чечимдер кабыл алынды.

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|

4. (Колдоо – 6 балл) Орфографиялык жактан дефис белгиси туура коюлган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла.
1. Балдар бакчасына барган кичинекейлер жаңы досторду табышат жана тарбия алышат.
2. Окуучулар англис-немис сөздүктөрүн колдонуп жатышса да, айрым терминдерди түшүнүү кыйын болду.
3. Жаз-жай мезгилинде тоого чыккан адамдар табияттын кооздугунан ырахат алышат, анткени бул учурда айлана-чөйрө өзгөчө көркко бөлөнөт.
4. Түндүк-түштүк жолунун курулушу аяктагандан кийин, аймактар ортосундагы байланыш жеңилдеди.
5. Жаңы-жаңы идеялар менен иштеген жаштар коомго чоң пайда алып келет, ошондуктан аларды колдоо зарыл.
6. Ден-соолукту сактоо үчүн адамдар туура тамактанууга жана спортко көңүл бурушу керек.
7. Ата-эне мээрими баланын келечегине түздөн-түз таасир этет, анткени тарбия үй-бүлөдөн башталат.

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|

**5.** (Колдоо – 6 балл) Орфографиялык жактан дефис белгиси туура коюлган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла.
1. Окуу-өндүрүш практикасында студенттер өз кесиптерине байланыштуу тажрыйба топтошот.
2. Теория-практика байланышы бекем болгондо, билим берүү натыйжалуу болот.
3. Темир-жол станциясында жүргүнчүлөр көп болгондуктан, кызматкерлер тартипти сактоого аракет кылышты.
4. Шаар аралык-автобустар күн сайын каттап турса да, кээ бир каттамдар кечигип келет.
5. Ар кимдин сезим-туюму ар кандай болот.
6. Эл болгондон кийин ар бир элдин өзүнө таандык маданияты, каада-салты, көөнө тарыхы, тили болот.
7. Автор жаштардын өз эли-жерин сүйөрүнө ишенбейт.

**Жооп:**

## 3-СУРОО

1. (Колдоо – 6 балл) Ушул үзүндүдөн сингармонизм эрежесине туура келбеген сөздөрдү аныктагыла.

*Уруштун тополоңу азырынча Анжиянга жете элек. Шаардын сыртындагы кооз чарбак бийик дубалдар менен тосулуп, дарбазаларына сакчылар коюлган. Чарбактын ичинде он эки жаштагы Бабур мырза аскердик ишке машыгып жаткан эле.*

**Жооп:**

2. (Колдоо – 6 балл) Ушул үзүндүдөн сингармонизм эрежесине туура келбеген сөздөрдү аныктагыла.

*Бир топ чабандоз жигиттер чынардын көлөкөсүндө туруп, мырзанын машыгуусун*
*карап турушкан эле. Кара атчан Мазидбек биринчи болуп, бутага бастырып барды.*

**Жооп:**

3. (Колдоо – 6 балл) Ушул үзүндүдөн сингармонизм эрежесине туура келбеген сөздөрдү аныктагыла.

*Ноёндун селдени, кымбат баалуу көөкарды көтөргөнсүп, этияттап кармап келатканы Бабурдун күлкүсүн келтирди. Бабур чалкалай берип, балалыктын коңгуроодой үнү менен ыракаттанып каткыра баштады.*

**Жооп:**

4. (Колдоо – 6 балл) Ушул үзүндүдөн сингармонизм эрежесине туура келбеген сөздөрдү аныктагыла.

*Нөкөр андан бир чоң ишеним алгандай жан-дилинен милдеткер болуп таазим кылды.*
*Бабур Ноёнго:*
*– Чоң энем билбесин, – деди.*
*– Биздин мүдөөбүз ошол, амирзадам, – деп Ноён күлдү да, сырдаштары катары башка кызматчыларга көзүн кысып койду.*

**Жооп:**

5. (Колдоо – 6 балл) Ушул үзүндүдөн сингармонизм эрежесине туура келбеген сөздөрдү аныктагыла.

*Бабурдун алдынан чыккан сардар колун куушуруп, үйдө аны мударрис күтүп отурганын айтты. Бүгүн шариат илиминен сабак алаарын Бабур эстеди да, теңтуштарынан*
*ажырагысы келбей, араң кетти.*

**Жооп:**

**4-СУРОО**

1. (Колдоо – 6 балл) Кашаага алынган  сандар ордуна тиешелүү тыныш белгилерди койгула.

*Чебеленген Чубак(1) «Катыгүн төрөм (2)Каңгайдын жери болсо(3) кармашарыбыз Коңурбай болсо (4)каптаган калмак эл болсо (5)анан уктай турган бул жерби(6)*

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

2. (Колдоо – 6 балл) Qavsga olingan qaysi raqam(lar) ostidagi tinish belgi NOto‘g‘ri qo‘llangan?

*Темиркан даттангандарды зекийт(1) «Каныкей (2) өз сөөгүм. Баламды менден бөлбөгүн. Семетей (3) тулпардан калган туягым (4)туу казанат чунагым(5) найзага таккан желегим(6) кудай алсын баарыңды(7) арбак урсун молдоңду.*

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

3. (Колдоо – 6 балл) Qavsga olingan qaysi raqam(lar) ostidagi tinish belgi NOto‘g‘ri qo‘llangan?

*«Мунун аты да Манас турбайбы (1) заты да Манас турбайбы (2) Өзү да Манас турбайбы(3)сөзү да Манас турбайбы(4) Манас жолбашчым (5)Алмамбет колбашчым болсо(6)  калмактан корксом мени кудай урбайбы(7)» – деген Чубактын атактуу сөзү дал ушул жерде айтылат.*

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

4. (Колдоо – 6 балл) Qavsga olingan qaysi raqam(lar) ostidagi tinish belgi NOto‘g‘ri qo‘llangan?

*Ошондо Серек тура калып(1) «Каным кеч(2) – дейт өтүнүп(3) – балким (4)Тазбайматтын эсебине кабылан Манас кирип калбасын(5) Тизмени карагыла».*

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

5. (Колдоо – 6 балл) Qavsga olingan qaysi raqam(lar) ostidagi tinish belgi NOto‘g‘ri qo‘llangan?

*«Бакай, арбын элек(2) аз болдук(3) алты арамдын айынан Ала-Көл элек(4) саз болдук(5) Ала-Тоо элек (6) пас болдук.*

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**5-СУРОО**

1. (Колдоо – 6 балл) Стилдик жактан туура куралбаган сүйлөмдү аныктагыла.

Ал сабакка жакшы даярданып келгендиктен, мугалимдин бардык суроолоруна так жооп берди.

Күн суук болгонуна карабастан, биз сейилдөөгө чыктык.

Ал абдан жай сүйлөп жаткандыктан, анын үнү катуу угулуп жатты.
Окуучу тапшырманы өз алдынча аткаргандыктан, жыйынтыгы жакшы болду.

**Жооп:**

2. (Колдоо – 6 балл) Кайсы татаал сүйлөмдө сөздөрдүн айкалышы туура эмес берилген?

Ал чарчаганына карабай, ишин улантты.
Биз жол алыс болсо да, убакытында жеттик.
Ал акырын шыбырап сүйлөгөнү менен, анын үнү абдан катуу жаңырып турду.
Окуучулар тапшырманы туура аткарышты.

**Жооп:**

3. (Колдоо – 6 балл) Стилдик жактан туура эмес берилген сүйлөмдү аныктагыла.

Ал китепти окуп бүткөндөн кийин, өз оюн жазып чыкты.
Жамгыр жаап жатканына карабастан, алар жолун улантышты.
Мен аны көргөнүмдөн кийин, кайрадан дагы бир жолу жолуктум.
Сабак бүткөн соң, окуучулар үйүнө кетишти.

**Жооп:**

4. (Колдоо – 6 балл) Кайсы сүйлөмдө логикалык-стилдик карама-каршылык бар?

Ал суроого жооп бергени менен, толук түшүндүрө алган жок.
Биз эрте чыккандыктан, кечигип бардык.
Окуучу аракет кылып, жакшы жыйынтыкка жетишти.
Ал көп окугандыктан, билими терең болду.

**Жооп:**

5. (Колдоо – 6 балл) Кайсы сүйлөм стилдик жактан туура эмес берилген?

Ал өзүнүн оюн так айтып бергендиктен, бардыгы аны туура түшүндү.
Биз бул маселени кеңири талкуулап, чечим кабыл алдык.
Ал абдан тез шашпай жооп бергендиктен, баары таң калышты.
Окуучулар мугалимди кунт коюп угушту.

**Жооп:**

**6-СУРОО**

1. (Колдоо – 6 балл) Кайсы варианттагы сүйлөм стилдик жактан туура куралган?

A) Кошунанын / өрт / кабыргаларын / сагынып / карап / келген / кыз.
B) Кошунанын / кыз / өрт / карап / келген / сагынып / кабыргаларын.
C) Кыз / өрт / кабыргаларын / кошунанын / карап / келген / сагынып.

D) Өрт / кошунанын / кыз / кабыргаларын / карап / сагынып / келген.

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

2. (Колдоо – 6 балл) Кайсы варианттагы сүйлөм стилдик жактан туура куралган?
A) Көздөрү / жаркырап / ааламды / сүйүнчөп / карады / бала.
B) Бала / сүйүнчөп / жаркырап / карады / көздөрү / ааламды.
C) Ааламды / көздөрү / жаркырап / бала / карады / сүйүнчөп.
D) Сүйүнчөп / көздөрү / ааламды / бала / карады / жаркырап.

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

3. (Колдоо – 6 балл) Кайсы варианттагы сүйлөм стилдик жактан туура куралган?
A) Убакыт / жылмайып / өтүп / кеткен / эсте / калат / ар бир учур.
B) Ар бир учур / эсте / өтүп / калган / жылмайып / убакыт.
C) Убакыт / эсте / ар бир учур / жылмайып / өтүп / калат.
D) Жылмайып / ар бир учур / калат / убакыт / эсте / өтүп.

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

4. (Колдоо – 6 балл) Кайсы варианттагы сүйлөм стилдик жактан туура куралган?
A) Китептер / устатынын / кеңеши / боюнча / окуучулар / жагымдуу / таасир алды.
B) Окуучулар / китептер / жагымдуу / таасир / алды / устатынын / боюнча / кеңеши.
C) Жагымдуу / таасир / китептер / окуучулар / устатынын / боюнча / кеңеши / алды.
D) Китептер / окуучулар / устатынын / таасир / алды / жагымдуу / кеңеши / боюнча.

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

5. (Колдоо – 6 балл) Кайсы варианттагы сүйлөм стилдик жактан туура куралган?
A) Чыңалган / шамал / талааны / кыймылдатты / ар тарапка / жалбырактардын.
B) Талааны / жалбырактардын / ар тарапка / кыймылдатты / шамал / чыңалган.
C) Ар тарапка / талааны / шамал / кыймылдатты / чыңалган / жалбырактардын.
D) Шамал / чыңалган / талааны / ар тарапка / кыймылдатты / жалбырактардын.

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**7- СУРОО**
1. (Билүү – 4 балл) Жалаӊ эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү аныктагыла.
Мына бул наристе өзүнүн бөлтүрүктөрүнүн бири сыңары көрүндү.

**Жооп:**

2. (Билүү – 4 балл) Жалаӊ эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү аныктагыла.
Акбаранын кайгыдан канап турган жүрөгү титиреп кетти.

**Жооп:**

3. (Билүү – 4 балл) Жалаӊ эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү аныктагыла.
Баланын наристе жытынан көкүрөгүн кере жыттады.

**Жооп:**

4. (Билүү – 4 балл) Жалаӊ эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү аныктагыла.
Акбарада ушул кичинекей адамзат менин үңкүрүмдө.

**Жооп:**

5. (Билүү – 4 балл) Жалаӊ эриндүү үндүүлөр катышкан сөздөрдү аныктагыла.
Эми мурункусундай бөлтүрүктөрүн эстеп, улуганды койду.

**Жооп:**

**8-СУРОО**
1. (Колдоо – 6 балл) Кайсы катардагы сүйлөмдө алды сызылган сөз түз мааниде колдонулду?
A) Өтүгүң тар болсо, дүйнөнүн кеңдигинен не пайда.
B) Айта турган сөзүмдү айтайын десем, бул жер тарыраак болуп жатат.
C) Көралбастык сапат ичи тардыктан келип чыгат.
D) Карап тур сени, тар жол, тайгак кечүүдө дагы салам айтышарбыз.

**Жооп:**

2. (Колдоо – 6 балл) Кайсы сүйлөмдө “ак” сөзү өтмө мааниде колдонулган?
A) Ак кардын үстүндө балдардын изи так көрүнүп жатты.
B) Ал ак көйнөгүн этияттык менен үтүктөп, майрамга даярданып жатты.
C) Кандай гана жагдай болбосун, ал ак дил мамилесин жоготпой, баарына жакшы сөз таба билчү.
D) Ак дубалдуу үй айылдын четинде жайгашкан.

**Жооп:**

3. (Колдоо – 6 балл) **.** Кайсы сүйлөмдө “кара” сөзү өтмө мааниде колдонулган?
A) Ал кара атын жетелеп, жайлоону көздөй жай басып келе жатты.

B) Терезеден караганда, кара таштар тизилип жаткандай көрүнөт.
C) Анын кара ою бар экенин билген соң, эч ким ага ишенбей калды.
D) Кара көйнөк ага абдан жарашып турат.

**Жооп:**

4. (Колдоо – 6 балл) Кайсы сүйлөмдө “көз” сөзү өтмө мааниде колдонулган?
A) Ал китепти окуп жатып, көзү чарчап кеткенин байкады.
B) Баланын көзү көк, жүзү жарык экен.
C) Элдин көз алдында жоопкерчиликтүү иш аткаруу оңой эмес.
D) Көзүнө чаң кирип, көпкө чейин ачалбай жүрдү.

**Жооп:**

5. (Колдоо – 6 балл) Кайсы сүйлөмдө “жүрөк” сөзү өтмө мааниде колдонулган?
A) Дарыгер анын жүрөгүн текшерип чыкты.
B) Ал сөздөр анын жүрөгүн жаралап, узакка чейин эстен кетпей койду.
C) Жүрөгү тез согуп жатканын сезди.
D) Жүрөк адамдын негизги органы болуп эсептелет.

**Жооп:**

**9-СУРОО**
1. (Колдоо – 6 балл) **Төмөнкү сөздөр ичинен зат атоочтон сын атооч жасалган сөздөрдүн тартип сандарын жазгыла.**
*1.Тоолуу, 2.Жумушчу, 3.Алтындай, 4.Кызматкер, 5.Достук, 6.Атчан, 7.Энелеш*

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

2. (Колдоо – 6 балл) **Төмөнкү сөздөр ичинен зат атоочтон сын атооч жасалган сөздөрдүн тартип сандарын жазгыла.**
*1.Ишмер. 2. Иште.3. Ташымал. 4. Тууганчыл. 5. Аталаш. 6. Отургуч 7. Тууганчыл*

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

3. (Колдоо – 6 балл) **Төмөнкү сөздөр ичинен зат атоочтон сын атооч жасалган сөздөрдүн тартип сандарын жазгыла.**
*1.Таштак. 2. Билим. 3. Достук. 4. Суулуу. 5. Арабакеч. 6. Тырышчаак. 7. Жайлоо.*

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

4. (Колдоо – 6 балл) **Төмөнкү сөздөр ичинен зат атоочтон сын атооч жасалган сөздөрдүн тартип сандарын жазгыла.**
*1.Суулуу. 2.Ачкыч. 3. Тузсуз. 4.Соргок. 5. Эмгекчил. 6. Алгыр. 7. Акылсыз.*

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

5. (Колдоо – 6 балл) **Төмөнкү сөздөр ичинен зат атоочтон сын атооч жасалган сөздөрдүн тартип сандарын жазгыла.**
*1.Билимдүү. 2.Тоодой.3. Кызматкер. 4.Жумушчу. 5. Кеңешме. 6. Намыстуу. 7.Балалуу.*

**Жооп:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**10-СУРОО**
1.(Колдоо – 6 балл) Ушул сүйлөмдүн түрүнө карай туура жооп санын жазгыла.
Кийинчерээк берки үйдүн ээси дүйнөдөн кайтып, артында аялы менен тестиер эки уулу калат.

Байламталуу тең байланыштагы татал сүйлөм.
Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.

**Жооп:**

2. (Колдоо – 6 балл) Ушул сүйлөмдүн түрүнө карай туура жооп санын жазгыла.

Илгертен калган адат боюнча агайын-туугандар жесирдин башын байлап коёлу деп, арбак, кудайга тууралап менин атама никелештирип коюшат.
Байламталуу тең байланыштагы татал сүйлөм.
Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.
**Жооп:**

3.(Колдоо – 6 балл) Ушул сүйлөмдүн түрүнө карай туура жооп санын жазгыла.

Бир аздан кийин бригадир ыраазы болгондой жорго байталын шарт камчыланып, чойтоңдото бастырып кетти.

Байламталуу тең байланыштагы татал сүйлөм.

Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.
**Жооп:**

4.(Колдоо – 6 балл) Ушул сүйлөмдүн түрүнө карай туура жооп санын жазгыла.

Ата-энени кандай урматтасаң, өз тукумуңду ошондой урматтаган болосуң.
Байламталуу тең байланыштагы татал сүйлөм.
Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.
**Жооп:**

5.(Колдоо – 6 балл) Ушул сүйлөмдүн түрүнө карай туура жооп санын жазгыла.

Даниярды эми момун деп аямак турсун, аны жек көрө баштадым.
Байламталуу тең байланыштагы татал сүйлөм.
Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.
**Жооп:**

**11–15-СУРООЛОР**
**1-ТЕКСТ (Кыргыз тили)**
**Илимий-популярдуу текст**
11 – 15-суроолор текст негизинде аткарылат.
Жаратылыштагы суунун ролу жана экологиялык мааниси

**I**

Жер бетиндеги жашоонун негизги булагы — суу. Ал океандарда, деңиздерде, дарыяларда жана көлдөрдө гана эмес, атмосферада буу түрүндө да кездешет. Күндүн жылуулугу сууну буулантып, аны асманга көтөрөт. Натыйжада булуттар пайда болуп, алар шамал аркылуу жылат. Белгилүү шарттарда булуттардан жаан же кар түшөт. Жерге түшкөн суу кайра дарыяларга, көлдөргө жана океандарга кошулат. Бул процесс суу айлануусу деп аталат. Ал жаратылыштагы нымдуулукту сактап, өсүмдүктөрдүн өсүшүнө жана жаныбарлардын жашоосуна шарт түзөт. Суу айлануусу климатка да таасир этет жана температуранын өзгөрүшүн жөнгө салат. Ошондуктан ал Жердеги бардык тиричилик үчүн өтө маанилүү.

**II**

Адам организминин чоң бөлүгүн суу түзөт жана ал жашоо үчүн абдан зарыл. Суу клеткалардын иштешин камсыз кылат, кан аркылуу азык заттарды ташыйт жана организмдеги зыяндуу заттарды чыгарат. Ошондой эле ал дене температурасын туруктуу кармоого жардам берет. Адам күн сайын жетиштүү өлчөмдө суу ичиши керек. Суу айыл чарбасында эгин сугарууда, өнөр жайда продукция өндүрүүдө жана үй тиричилигинде кеңири колдонулат. Бирок акыркы жылдары таза суу

ресурстары азайып жатат. Илимпоздор сууну үнөмдүү пайдалануу керектигин эскертишет. Ар бир адам сууну туура колдонсо, бул баалуу ресурс узак убакытка жетет жана экологиялык тең салмак сакталат.

**III**

Азыркы учурда суунун булганышы чоң көйгөйгө айланды. Өнөр жай калдыктары, тиричилик таштандылары жана химиялык заттар сууну кирдетет. Бул адамдардын ден соолугуна жана жаратылышка зыян келтирет. Ошондуктан окумуштуулар сууну тазалоонун жаңы технологияларын иштеп чыгышууда. Ар бир адам сууну сактоого салым кошсо, келечек муундар үчүн таза жаратылышты сактап калууга мүмкүн болот.

**11.** (Билүү – 4 балл) Текстте туура чагылдырылган маалыматтарды аныктагыла.

A) Суунун адам организминин иштешинде мааниси: клеткаларды камсыз кылуу, кан айлануу, дене температурасын жөнгө салуу.

B) Суу айлануусунун климатка тийгизген конкреттүү таасири (мисалы, температуранын өзгөрүшү, жаан-чачындын аймактык айырмачылыгы).

C) Суу айыл чарбасында, өнөр жайда жана үй тиричилигинде колдонулат.

D) Сууну коргоодо ар бир адам кандай конкреттүү аракеттерди жасашы керектиги (мисалы, куюп таштабоо, экономдук колдонуу).

E) Суунун булганышы адамдардын жана жаратылыштын ден соолугуна терс таасир этет.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**Жооп***:*

**12.** (Колдоо – 6 балл) Текст бөлүмдөрү ортосунда мазмундук жактан байланыштарга көңүл бургула жана кайсы бөлүмдө кайталанган пикирди аныктагыла.

A) III бөлүмдө кайталанган

B) II бөлүмдө кайталанган

C) I бөлүмдө кайталанган

D) пикир кайталанбаган

**Жооп:**

| |
|---|
| |

**13.** (Ой жүгүртүү– 8 балл, кыска жооптуу) Төмөнкү тексттен берилген сүйлөмдөрдөн кайсы бири факт болуп саналат?

1. Суу океандарда, деңиздерде, дарыяларда жана көлдөрдө кездешет.
2. Суу айлануусу жаратылыштагы тең салмактуулукту сактоодо чоң роль ойнойт.
3. Суу клеткалардын иштешине жана кан айланууга катышат.
4. Ар бир адам сууну туура колдонсо, экологиялык тең салмак сакталат.

5. Суу айыл чарбасында, өнөр жайда жана үй тиричилигинде колдонулат.

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**14.(Ой жүгүртүү 13 балл, кеңейтирилген)** Тексттен 4 себеп жазгыла.

**Жооп***:*______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

**15.** (Ой жүгүртүү– 13 балл, кеңейтирилген) Сууну туура колдонуу жана аны сактоо боюнча 3 сунуш бергиле. (Пикириңерди 50 – 60 сөз менен баяндагыла.)
**Жооп***:*______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

**2- ТЕКСТ (Кыргыз тили)**
**Илимий-популярдуу текст**
11 – 15- суроолор текст негизинде аткарылат.
**Илимдин мааниси жана келечеги**
**I**
Илим – бул дүйнөнү түшүнүүгө багытталган адамзаттын эң маанилүү ишмердүүлүктөрүнүн бири. Ал табияттагы жана коомдогу кубулуштарды изилдеп, алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт. Илимий билимдер байкоо жүргүзүү, тажрыйба жасоо жана далилдерди талдоо аркылуу алынат. Мисалы, күндүн чыгышы жана батышы, жамгырдын жаашы же өсүмдүктөрдүн өсүшү сыяктуу көрүнүштөр илимдин жардамы менен түшүндүрүлөт. Илим

адамга айлана-чөйрөнү жакшыраак түшүнүүгө жана жашоосун жакшыртууга жардам берет.

**II**

Бүгүнкү күндө илимдин жетишкендиктери ар бир адамдын жашоосунда чоң орунду ээлейт. Телефон, интернет, унаа жана медицина – мунун баары илимдин натыйжасы. Дарыгерлер ооруларды дарылоодо илимий ыкмаларды колдонушат, ал эми инженерлер жаңы технологияларды жаратышат. Илим билим берүүдө да маанилүү, анткени ал окуучуларга логикалык ой жүгүртүүнү жана көйгөйлөрдү чечүүнү үйрөтөт. Ошондой эле, илим экологиялык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүп, жаратылышты сактоонун жолдорун сунуштайт.

**III**

Илимдин өнүгүшү келечекте дагы да маанилүү болот. Жаңы ачылыштар адамзатка жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берет. Мисалы, космосту изилдөө, жасалма интеллект жана энергиянын жаңы булактары – булар келечектин негизги багыттары. Илим адамдардын жашоосун жеңилдетип гана тим болбостон, жаңы суроолорду да жаратат. Ошондуктан ар бир адам илимге кызыгып, билим алууга умтулуусу керек. Анткени билимдүү коом гана туруктуу жана өнүккөн келечекти кура алат.

IV

Илим менен технология бири-бири менен тыгыз байланышта өнүгөт. Илим жаңы билимдерди ачса, технология ошол билимдерди практикага киргизет. Мисалы, илимий изилдөөлөрдүн негизинде компьютерлер, смартфондор жана башка заманбап шаймандар жаралган. Технологиялар адамдардын эмгегин жеңилдетип, убакытты үнөмдөөгө жардам берет. Ошол эле учурда, жаңы технологиялар илимдин мындан ары өнүгүшүнө шарт түзөт, анткени изилдөө жүргүзүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылат.

**11.** (Билүү – 4 балл) Текстте туура чагылдырылган маалыматтарды аныктагыла.

A)Илимдин жетишкендиктери күнүмдүк жашоодо колдонулат (телефон, медицина ж.б.).

B) Билимдүү коом өнүккөн келечекти түзөт.

C) Белгилүү окумуштуулар же алардын ачылыштары тууралуу маалымат жок.

D) Илимий изилдөөлөрдүн негизинде компьютерлер, смартфондор жана башка заманбап шаймандар жаралат.

E) Илимдин терс жактары же зыяндуу колдонулушу айтылган эмес.

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**12.** (Колдоо – 6 балл) Текст бөлүмдөрү ортосундагы мазмундук жактан байланыштарга көңүл бургула жана кайсы бөлүмдө кайталанган пикирди аныктагыла.

A) IV бөлүмдө кайталанган

B) III  бөлүмдө кайталанган

C) II бөлүмдө кайталанган

D) I бөлүмдө кайталанган

**Жооп:**

**13.** (Ой жүгүртүү– 8 балл, кыска жооптуу) Төмөнкү тексттен берилген сүйлөмдөрдөн кайсы бири факт болуп саналат?

1.Илим дүйнөнү изилдейт жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктайт.
2.Илимий билимдер байкоо, тажрыйба жана талдоо аркылуу алынат.
3.Жаңы ачылыштар адамзатка чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет.
4.Телефон, интернет, медицина сыяктуу жетишкендиктер илимдин негизинде пайда болгон.
Билимдүү коом гана өнүккөн келечекти кура алат.

**Жооп:**

**14.(**Ой жүгүртүү –13 балл, кеңейтирилген**)** Тексттен 4 себеп –натыйжаны жазгыла.

**Жооп***:*

**15.** (Ой жүгүртүү– 13 балл,кеңейтирилген) Текст негизинде илимдин келечекке жол ачышы боюнча 3 сунуш жазгыла. Пикириңерди 50-60 сөз менен баяндагыла.
**Жооп*:***

______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

**3-ТЕКСТ (Кыргыз тили)**
**Илимий-популярдуу текст**
11 – 15-суроолор текст негизинде аткарылат.

**Космос жана илимдин ачылыштары**

I

Космос – бул адамзат үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылган жана илимди өнүктүрүүгө үндөгөн өтө кең жана татаал чөйрө. Адамдар асман денелерин, планеталарды, жылдыздарды жана башка астрономиялык объекттерди изилдеп, алардын түзүлүшүн, кыймылын жана бири-бири менен болгон байланыштарын түшүнүүгө умтулушат. Космосту изилдөө аркылуу биз биздин планетанын ордун, күн тутумунун мыйзамдарын жана башка астрономиялык кубулуштарды жакшыраак биле алабыз. Мындан тышкары, космос адамга жаңы суроолорду берип, илимдин өнүгүшүнө түрткү берет жана биздин билим горизонтун кеңейтет.

II

Космос изилдөөлөрү физика, астрономия, химия жана инженердик технологиялардын өнүгүшү менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Жерден телескоптор аркылуу байкоо жүргүзүлүп, спутниктер жана космостук станциялар аркылуу ар кандай маалыматтар чогултулат, ал эми бул маалыматтар илимий ачылыштарга негиз болуп, жаңы теорияларды түзүүгө мүмкүндүк берет. Мисалы, Марс планетасы жана анын атмосферасы, ошондой эле аймактагы башка планеталар боюнча алынган маалыматтар илимдин тарыхында маанилүү ачылыштардын бири болуп эсептелет. Ошондой эле космостук изилдөөлөр адамзатка жаңы технологияларды жаратууга жол ачат, анткени илимий эксперименттерде колдонулган жаңы методдор ар кандай тармактарда – медицинада, инженердик ишмердүүлүктө жана компьютердик технологияларда – практикалык колдонууга ээ болот.

III

Космос изилдөөлөрү технологиянын өнүгүшүнө чоң салым кошту. Спутниктер байланыш тармагын өнүктүрдү, аба-ырайын алдын ала болжолдоп билүүгө мүмкүндүк берди, ал эми космостук техника медицина жана транспорт тармактарына жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Мындан тышкары, космостук изилдөөлөр илимий билимди кеңейтет жана жашоону жеңилдеткен жаңы чечимдерди сунуштайт.

IV

Келечекте космосту изилдөө дагы да маанилүү болот. Адамзат жаңы планеталарды изилдеп, ресурстарды табуу жана илимий эксперименттер жүргүзүү аркылуу билим деңгээлин жогорулатат. Космос илимдин жана технологиянын өнүгүшүнүн символу болуп, адамзатка жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берет. Ошондуктан космос изилдөө – бул келечек муундар алдындагы жоопкерчилик жана илимдин маанилүү багыты.

**11.** (Билүү – 4 балл) Текстте туура чагылдырылган маалыматтарды аныктагыла.

A) Космос изилдөөлөрү физика, астрономия, химия жана инженердик технология менен байланышта жүргүзүлөт.
B) Телескоптор, спутниктер жана космостук станциялар маалымат чогултууга мүмкүнчүлүк берет.
C) Космос изилдөө келечек муундар алдындагы жоопкерчилик болуп саналат.
D) Космос изилдөөлөр адамдын жашоосун жеңилдетет.
E) Космосту изилдөө адамзатка жаңы технологияларды жана практикалык чечимдерди сунуш кылат.

**12.** (Колдоо – 6 балл) Текст бөлүмдөрү ортосунда мазмундук жактан байланыштарга көңүл бургула жана кайсы бөлүмдө кайталанган пикирди аныктагыла.

A) IV бөлүмдө кайталанган
B) III бөлүмдө кайталанган
C) II бөлүмдө кайталанган
D) I бөлүмдө кайталанган

**Жооп:**

**13.** (Ой жүгүртүү– 8 балл, кыска жооптуу) Төмөнкү тексттен берилген маалыматтардан кайсы бири факт болуп саналат?

1. Жерден телескоптор аркылуу байкоо жүргүзүлөт, спутниктер жана космостук станциялар маалымат чогултат.
2. Илимий эксперименттерде колдонулган жаңы методдор медицина, инженердик ишмердүүлүк жана компьютердик технологияларда практикалык колдонууга ээ.

3. Илимий эксперименттерде колдонулган жаңы методдор медицина, инженердик ишмердүүлүк жана компьютердик технологияларда практикалык колдонууга ээ.
4. Космостук изилдөөлөр жашоону жеңилдеткен жаңы чечимдерди сунуштайт.
5. Келечекте адамзат жаңы планеталарды изилдеп, ресурстарды табуу жана илимий эксперименттер жүргүзөт.

**Жооп:**

**14. (**Ой жүгүртүү 13 балл, кеңейтирилген**)** Тексттен 4 себеп –натыйжаны жазгыла.

**Жооп*:***

**15.** (Ой жүгүртүү– 13 балл,кеңейтирилген) Космос жана илимий ачылыштар боюнча кандай сунуш бере аласыңар? Пикириңерди 50-60 сөз менен баяндагыла.
**Жооп*:***

## 4-ТЕКСТ (Кыргыз тили)

**Илимий-популярдуу текст**
11 – 15-суроолор текст негизинде аткарылат.

**Элдик салттар – маданий мурас**

I

Элдик салттар – бул ар бир коомдун уникалдуу маданий байлыгы. Алар ата-бабалардан мурас катары жетип келген, турмуштун ар түрдүү кырларын чагылдырган каада-салт, ырым-жырым жана майрамдарды камтыйт. Салттар адамдын жашоо образына, баалуулуктарга жана коомдогу өз ара мамилелерге таасир этет. Мисалы, туулган күн, үйлөнүү, майрамдык каада-салттар ар бир үй-бүлөнүн тарбиялоо жана маданий баалуулуктарды мурас катары сактоого багытталган. Элдик салттар аркылуу адамдар тарыхты эстеп, өздөрүнүн маданий идентификациясын бекемдешет. Алар билим берүүдө, искусстводо жана коомдук турмушта маанилүү рол ойнойт.

II

Элдик салттар адамдын дүйнө таанымын калыптандырууда жана коомдун туруктуулугун камсыздоодо маанилүү. Каада-салттар адамдардын өз ара мамилесин жөнгө салат, моралдык жана этикалык баалуулуктарды бекемдейт. Ырым-жырым аркылуу адам табигатка жана өзүнө тиешелүү кырдаалдарга байланыштуу түшүнүктөрдү түзөт. Мисалы, айыл жеринде белгилүү майрамдар жана жыйындар коомду бириктирет, биримдикти жана достукту чыңдайт. Ушул аркылуу коомдун маданий традициялары муундан-муунга өткөрүлүп, жаштар тарбияланат жана маданий өздүк сакталат.

III

Элдик салттарды сактоо үчүн коом жана ар бир адам жоопкерчилик алууга тийиш. Салттарды үйрөнүү, майрамдарды өткөрүү жана салттык билимдерди муундан муунга өткөрүү – маданий мурастын үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт. Ошондой эле, жаңы заманбап шарттарда салттарды кайра интерпретациялоо жана актуалдаштыруу зарыл. Бул аркылуу салттардын мааниси жоголбостон, коомдун маданий турмушунда активдүү бойдон калат.Салттар коомдун психологиясын жана социалдык түзүлүшүн изилдөөгө жардам берет. Алар адамдын турмуштук баалуулуктарын жана жүрүм-турумун түшүнүүгө шарт түзөт.

IV

Элдик салттарды сактоо келечек муун үчүн өтө маанилүү. Бул коомдун маданий өздүгүн бекемдеп, муундардын тарбиясында жана баалуулуктарын өздөштүрүүсүндө маанилүү роль ойнойт. Мындан тышкары, салттар коомдун биримдигин чыңдайт, адамдардын ортосундагы сый-урматты жана достукту бекемдейт. Жаш муундар салттарды үйрөнүү менен тарыхты түшүнүп, маданий баалуулуктарды мураска алат. Ошондой эле салттар инновация менен маданий баалуулуктардын гармониясын сактоого жардам берет жана коомдун туруктуу өнүгүшүнө шарт түзөт.

**11.** (Билүү – 4 балл) Текстте туура чагылдырылган маалыматтарды аныктагыла.

A) Элдик салттар турмуштун ар түрдүү кырларын чагылдырган каада-салт, ырым-жырым жана майрамдарды камтыйт.
B) Салттар тарыхты окуп-билүүгө шарт түзөт, мурунку муундардын тажрыйбасын жана билимин жеткирет.
C) Салттар аркылуу адамдар тарыхты эстеп, маданий идентификациясын бекемдешет.
D) Салттар адамдын жашоо образына, баалуулуктарга жана коомдогу өз ара мамилелерге таасир этет.
E) Салттар коомду туруктуу кылууга жана жаш муундарды тарбиялоого жардам берет.

**Жооп:** | | | | | |
|---|---|---|---|---|

**12.** (Колдоо – 6 балл) Текст бөлүмдөрү арасындагы мазмундук байланыштарга көңүл бургула жана кайсы бөлүмдө кайталанган пикир берилгендигин аныктагыла.
A) II бөлүмдө кайталанган
B) I бөлүмдө кайталанган
C) IV бөлүмдө кайталанган
D) III бөлүмдө кайталанган

**Жооп:** ☐

**13.** (Ой жүгүртүү– 8 балл,кыска жооптуу) Төмөнкү тексттен келтирилген маалыматтардан кайсы бири факт болуп саналат?
1. Салттар турмуштун ар түрдүү кырларын чагылдырган каада-салт, ырым-жырым жана майрамдарды камтыйт.
2. Элдик салттар адамдын дүйнө таанымын калыптандырууда маанилүү.
3.Майрамдар жана жыйындар коомдогу биримдикти жана достукту чыңдайт.
4. Салттар коомдун психологиясын жана социалдык түзүлүшүн изилдөөгө жардам берет.
5. Айыл жериндеги майрамдар жана жыйындар коомду бириктирет.

**Жооп:** | | | | | |
|---|---|---|---|---|

**14. (Ой жүгүртүү**– 13 балл, кеңейтирилген) Тексттен 4 себеп жазгыла.
**Жооп*:***

________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________

**15.** (Ой жүгүртүү– 13 балл, кеңейтирилген) Элдик салттарды сактоо үчүн кандай иш-чаралар колдоо керек? Сунушуңарды 50-60 сөз менен баяндагыла.
**Жооп*:***

________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________

# 5-ТЕКСТ (Кыргыз тили)

**Илимий-популярдуу текст**

11 – 15-суроолор текст негизинде аткарылат.

### Манас эпосу – кыргыздын руханий мурасы

I

Манас эпосу – кыргыз элинин баалуу руханий жана маданий мурасы. Бул эпос улуттук баалуулуктарды, эрдикти жана достукту чагылдырат. “Манас” эпосу көп кылымдардан бери оозеки түрдө муундан-муунга жетип, кыргыздын тарыхын, маданиятын жана турмуштук тажрыйбасын сактап келген. Эпосто Манастын эрдик кылыктары, мамлекетти коргоо, биримдикти бекемдөө темалары сүрөттөлөт. Анын каармандары – Манас, Семетей, Сейтек сыяктуу баатырлар – элдин каалоосун жана идеалдарын чагылдырат. Эпостун оозеки жана жазма варианттары кыргыз тилин өнүктүрүүгө жана адабиятты байытууга салым кошкон.

II

Манас эпосу кыргыз коомунун биримдиги жана тарыхый аң-сезимин сактоодо маанилүү роль ойнойт. Эпос аркылуу жаш муундар тарбияланып, улуттук баалуулуктарга ээ болушат. Манас баатырларынын эрдиги, акылмандыгы жана адалдыгы коомдук моралдын жана этикалык принциптердин үлгүсү болуп эсептелет. Эпос элди бириктирип, маданий жана руханий дүйнөнү байытып, тарыхты түшүнүүгө шарт түзөт. Ошондой эле эпос музыка, театр жана көркөм чыгармачылыкта өнөрлөрдү өнүктүрүүгө жардам берет.

III

Манас эпосу кыргыз маданиятынын ажырагыс бөлүгү. Ал турмуштук баалуулуктарды, салттарды жана элдик каада-салттарды чагылдырган. Эпос аркылуу элдик чыгармачылык өнүгүп, кыргыздын оозеки адабияты байытылган. Эпостун сюжеттери, каармандардын эрдик кылыктары жана акыл-эстүүлүккө үйрөтүүчү окуялары маданий билим берүүнүн маанилүү булагы болуп саналат. Ошондой эле эпос кыргыз музыкалык жана театралдык искусстволундагы

чыгармачылыктын өнүгүшүнө шарт түзөт, маданий фестивалдарда жана окуу программаларында колдонулат.

IV

Манас эпосун сактоо жана изилдөө келечек муун үчүн өтө маанилүү. Бул улуттук өздүктү бекемдеп, маданий баалуулуктарды мураска берүү жолу болуп саналат. Эпос жаштарга тарыхты жана улуттук баалуулуктарды үйрөтөт, коомдук биримдикти жана достукту чыңдайт. Манас баатырларынын образдары жана алардын акылмандыгы келечек муундун моралдык жана маданий тарбиясына чоң салым кошот. Ошондой эле эпос элдин чыгармачылыгын өнүктүрүп, маданий мурастарды сактоого жана дүйнөгө таанытууга жардам берет.

**11.** (Билүү – 4 балл) Текстте туура чагылдырылган маалыматтарды аныктагыла.
A) Эпос улуттук баалуулуктарды, эрдикти жана достукту чагылдырат.
B) Эпос аркылуу кыргыз тили жана оозеки адабият өнүккөн.
C) Эпос маданият менен инновацияны интеграциялоо мүмкүнчүлүгүн берет.
D) Эпос жаш муундарды тарбиялоо жана маданий баалуулуктарга үйрөтүүдө маанилүү.
E) Манас баатырларынын образдары келечек муундун тарбиясына чоң салым кошот.

**Жооп*:*** | | | | |

**12.** (Колдоо – 6 балл) Текст бөлүмдөрү арасындагы мазмундук байланыштарга көңүл бургула жана кайсы бөлүмдө кайталанган пикир берилгендигин аныктагыла.
A) II бөлүмдө кайталанган
B) IV бөлүмдө кайталанган
C) III бөлүмдө кайталанган
D) Iбөлүмдө кайталанган

**Жооп:**

**13.** (Ой жүгүртүү– 8 балл, жооптуу) Төмөнкү тексттен келтирилген маалыматтардан кайсы бири факт болуп саналат?
1.Эпос улуттук баалуулуктарды, эрдикти жана достукту чагылдырат.
2. Манас баатырларынын эрдиги жана акылмандыгы коомдук моралдын үлгүсү.
3.Манас эпосу улуттук баалуулуктарды сактоого жана кыргыздын маданиятын өнүктүрүүгө салым кошот.
4. Эпос улуттук өздүктү бекемдейт жана маданий баалуулуктарды мураска өткөрөт.
5.Эпос салттарды, турмуштук баалуулуктарды жана элдик каада-салттарды чагылдырган.

**Жооп:**

**14. (Ой жүгүртүү**– 13 балл, кеңейтилген) Тексттен 4 себеп –натыйжаны жазгыла.
**Жооп*:***

________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________

**15.** (Ой жүгүртүү– 13 балл,кеңейтилген) «Манас» эпосун сактоо үчүн кандай иш-чаралар колдоо керек? Сунушуңарды 50-60 сөз менен баяндагыла.
**Жооп*:***

________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________

## Адабият

**16-СУРОО**

**1.** (Билүү – 8 балл) Элдик оозеки чыгармаларга мүнөздүү болгон белгилерди аныктагыла.

1. Оозеки чыгармалар жазма булактарга караганда көбүнчө эл ичинде айтылып, муундан-муунга оозеки түрдө өтүп, убакыттын өтүшү менен сакталат жана өнүгөт.
2. Оозеки чыгармалар негизинен китептерде гана жазылып, эл арасында айтылбай, окуу аркылуу гана тарайт .
3. Оозеки чыгармалар бир гана белгилүү автор тарабынан түзүлүп, анын аты дайыма так сакталат.

**Жооп:** ☐

**2.** (Билүү – 8 балл) «Манас» эпосунун мазмундук өзгөчөлүгүн аныктагыла.

1. Эпосто элдин эркиндиги үчүн күрөш, жерди коргоо, баатырдык, достук жана биримдик сыяктуу маанилүү идеялар кеңири жана терең чагылдырылат
2. Эпосто негизинен табият кубулуштары гана сүрөттөлүп, адам турмушу дээрлик камтылбайт.

3. Эпосто жалаң гана бир адамдын жеке сезимдери жана ички ойлору гана баяндалат.

**Жооп:** ☐

**3.** (Билүү – 8 балл)  Макалдарга болгон мүнөздүү өзгөчөлүктү аныктагыла.

1. Макалдар элдик тажрыйбаны жыйынтыктап, кыска, так жана терең маанини камтыган насаат сөздөр болуп эсептелет.
2. Макалдар узун окуяларды баяндаган, каармандары бар көркөм чыгармалар болуп саналат.
3. Макалдар илимий түшүнүктөрдү формула түрүндө түшүндүргөн тексттер болуп эсептелет.

**Жооп:** ☐

**4.** (Билүү – 8 балл) . Эмгек ырларына мүнөздүү болгон негизги өзгөчөлүктү аныктагыла.

1. Эмгек ырлары адамдар иштеп жаткан учурда ырдалып, эмгекти жеңилдетүүгө, биргелешип иштөөгө жана ритмди сактоого жардам берген элдик ырлар болуп саналат.
2. Эмгек ырлары сахнада гана аткарылып, эмгек процесси менен эч кандай байланышпаган көркөм чыгармалар болуп эсептелет.
3. Эмгек ырлары илимий маалыматтарды түшүндүрүү үчүн жазылган тексттер болуп саналат.

**Жооп:** ☐

**5.** (Билүү – 8 балл) «Алпамыш» дастанына мүнөздүү болгон өзгөчөлүктү аныктагыла.

1. «Алпамыш» дастаны баатырдык эпикалык чыгарма болуп, анда башкы каарман Алпамыштын эрдиги, сүйүүсү жана эл-жерин коргоо үчүн жасаган иштери кеңири баяндалат.
2. «Алпамыш» дастаны кыска тамаша окуяларды гана камтыган күлкүлүү чыгарма болуп эсептелет.
3. «Алпамыш» дастаны илимий изилдөөлөрдү баяндаган макала түрүндөгү текст болуп саналат

**Жооп:** ☐

**17-СУРОО**

**1.** (Колдоо– 9 балл) «Манас» эпосунун каармандары жөнүндөгү туура пикирлерди аныктагыла.

1. Манас, Семетей, Сейтек сыяктуу каармандар элдин идеалдарын чагылдырган баатырдык, акылмандык жана биримдик образдары катары берилет.

2.Манас эпосундагы каармандар негизинен жомоктогудай жаныбарлар болуп, адамдардын образдары дээрлик колдонулбайт.

3.Каармандар ар кандай мүнөздөгү образдар менен берилет, алардын достору, кеңешчилери жана душмандары окуяны өнүктүрөт.

4.Манас эпосунда каармандар жалаң бир гана адамдан турат, башка образдар катышпайт.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**2.** (Колдоо– 9 балл) «Манас» эпосундагы образдарга билдирилген туура мүнөздөмөлөрдү аныктагыла.

1.Манас баатырдык, чечкиндүүлүк жана акылмандык сапаттары менен элди коргоо жана адилеттик идеяларын чагылдырган каарман.

2. «Манас» эпосундагы каармандар жалаң гана жаныбарлардан турат жана адамдардын образдары дээрлик колдонулбайт.

3. Каармандар ар түрдүү мүнөздө берилет, достору, кеңешчилери жана душмандары окуяны өнүктүрүүгө жардам берет.

4. «Манас» эпосунда каармандар бир гана Манастан турат жана башка каармандар катышпайт.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**3.** (Колдоо– 9 балл) «Семетей» эпосундагы каармандар жөнүндө туура пикирлерди аныктагыла.

1.Семетей баатырдык, акылмандык жана адилеттик сапаттары менен элди коргоо идеяларын чагылдырат.

2. Эпосто каармандар жалаң гана жаныбарлардан турат, адамдардын образдары дээрлик колдонулбайт.

3. Каармандар ар түрдүү мүнөздө берилет, достору, кеңешчилери жана душмандары окуяны өнүктүрөт.

4.Эпосто каармандар бир гана Семетейден турат, башка каармандар катышпайт.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**4.** (Колдоо– 9 балл) «Кожожаш» эпосундагы каармандарга берилген мүнөздөмөнү аныктагыла.

1. Кожожаш баатырдык, акылмандык жана чечкиндүүлүк сапаттары менен элди коргоо жана адилеттик идеяларын чагылдырган каарман.

2.Эпосто каармандар жалаң гана жаныбарлардан турат жана адамдардын образдары дээрлик колдонулбайт.

3. Каармандар ар түрдүү мүнөздө берилет, достору, кеңешчилери жана душмандары окуяны өнүктүрүүгө жардам берет.

4. «Кожожаш» эпосунда каармандар бир гана Кожожаштан турат жана башка каармандар катышпайт.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**5.** (Колдоо– 9 балл) «Сейтек» эпосундагы каармандар жөнүндө туура пикирлерди аныктагыла.

1.Сейтек баатырдык, акылмандык жана чечкиндүүлүк сапаттары менен элди коргоо жана адилеттик идеяларын чагылдырат.

2.Эпосто каармандар жалаң гана жаныбарлардан турат, адамдардын образдары дээрлик колдонулбайт.

3.Каармандар ар түрдүү мүнөздө берилет, достору, кеңешчилери жана душмандары окуяны өнүктүрүүгө жардам берет.

4. «Кожожаш» эпосунда каармандар бир гана Кожожаштан турат жана башка каармандар катышпайт.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**18-СУРОО**

1. (Колдоо– 9 балл) Ушул ыр саптары жөнүндөгү туура маалыматты аныктагыла.

*Соңку келген муундарга, элдерге*
*Анын даңкы аңыз болуп калсын деп.*
*Анын дайны дайым жаркын жансын деп,*
*Анын аты дүңгүрөп жер жарсын деп.*

A) A) Ахмат Югнакиге тиешелүү болгон бул ыр саптарында баатырдын даңкы, аты жана эл алдында урмат-сыйы тууралуу ой баяндалып, келечек муундар үчүн үлгү катары калуусу максат кылынган.
B) Алыкул Осмоновго тиешелүү болгон бул ыр саптарында баатырдын жеке сезимдери жана кайгылуу окуялары гана баяндалат, коомдук мааниси камтылган эмес.
C) «Коркут ата» китебине тиешелүү болгон бул ыр саптарында баатырдын ишмердүүлүгү жана аты эч кандай баа берилбестен жөн гана окуя катары баяндалат.
D) Рабгузиге тиешелүү болгон бул ыр саптарында баатырдын даңкы жана аты келечек муундарга үлгү болбогондой, чектелген формада гана берилет.

**Жооп:** ☐

**2.** (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптары жөнүндөгү туура маалыматты аныктагыла..
*Ай, кан, мен айтпасам билбейсиң,*
*Айтканыма көнбөйсүң.*
*Чабылып жаткан калкың бар,*
*Аймагың көздөп көрбөйсүң.*

A) Ыр Асан Кайгыга тиешелүү болуп, элге кайрылуу, калкты коргоо жана жоопкерчилик темаларын чагылдырган. Ал чыгармасында коомдук адилеттик, баатырдык жана жарандык милдеттер баса белгиленген.
B) Ыр Женишокко тиешелүү болуп, негизги тема жеке сезимдерди жана сүйүү тууралуу баяндалат. Автор адамдардын ички сезимдерин терең сүрөттөп, жеке дүйнө менен байланыштуу ой жүгүртүүгө чакырат.
C) Ыр Молдо Ниязга тиешелүү болуп, көбүнчө диний жана тарбиялык маанидеги ой-пикирлерди камтыйт. Чыгармада адамдын адеп-ахлактык сапаттары жана коомдогу орду баса белгиленет.
D) Ыр Калыгулга тиешелүү болуп, табигат, сулуулук жана жашоо кубанычы жөнүндө баяндалат. Автор ырында жаратылышка байланыштуу терең сүрөттөмөлөрдү жана сезимдерди берип, эстетикалык таасир калтырат.

**Жооп:** ☐

**3.** (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптары жөнүндөгү туура маалыматты аныктагыла..
*Аргымакка миндим деп,*
*Арткы топтон адашпа.*
*Күнүндө өзүм болдум деп,*
*Менменсинип адашпа.*
A) Ыр Асан Кайгыга тиешелүү болуп, адамга өзүн бийик сезип, башкалардан бөлөк көрүнбөөгө, менменсинбөөгө жана ар тараптуу адеп менен жүрүүгө чакырат.
B) Ыр Тоголок Молдого тиешелүү болуп, адамдарга аргымакка минип, башкалардан жогорку болууну гана үйрөтөт.

C) Ыр Молдо Ниязга тиешелүү болуп, физикалык күчкө басым жасап, моралдык сабакты бербейт.
D) Ыр Асан Кайгыга тиешелүү болуп, мааниси – өзүнөн кем көргөн адамдарды кемсинтүүгө үндөөэлге кайрылуу, калкты коргоо жана жоопкерчилик темаларын чагылдырган.

**Жооп:** ☐

**4.** (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптары жөнүндөгү туура маалыматты аныктагыла.

*Ак кыянын боорунан*
*Агы чыккан аккан суу.*
*Өмүр отун тутантып*
*Жагып чыккан аккан суу.*

A) Ыр Жеңижокко тиешелүү болуп, жер бетиндеги бардык жандык үчүн суунун мааниси жана пайдасы тууралуу айтылат.
B) Ыр Барпы Алыкуловго тиешелүү болуп аккан суу өмүрдүн булагы, жашоону колдогон энергия катары, бардык тирүү жандуу үчүн керектелери белгиленген.
C) Ыр Асан Кайгыга тиешелүү болуп, метафора аркылуу жашоонун маанисин жана боор мээримин суунун символикасы менен көрсөтөт.
D) Ыр Токтогулга тиешелүү болуп, сүйүү же боордук тууралуу эмес, жөн гана физикалык суу жөнүндө гана айтып жатат.

**Жооп:** ☐

**5.** (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптары жөнүндөгү туура маалыматты аныктагыла.

*Саймалуу калпак, сары шым*
*Кие турсам не болмок?*
*Сары сакал болгуча*
*Жүрө турсам не болмок?*

A) Ыр Жеңижокко тиешелүү болуп, адамдын жашоодогу баскычтарын, курагын жана турмуштук өзгөрүүлөрдү символикалык түрдө сүрөттөйт.
B) Ыр Жеңижокко тиешелүү болуп, тек кийим жана көрүнүш тууралуу гана, башка эч кандай философиялык мааниси жок.
C) Ыр Алыкул Осмоновго тиешелүү болуп, саясий же коомдук абал тууралуу баяндоочу чыгармалык максатта жазылган.
D) Ыр Калыгулга тиешелүү болуп, адамдын бийиктиги жана күчү тууралуу, мактанууга чакырат.

**Жооп:** ☐

**19-СУРОО**

1. (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү үзүндү жөнүндөгү туура корутундуну аныктагыла.

«*...Алда байкушум ай, адегенде эле энеңди жоктоп калдың го деп, ого бетер буркурап ыйлап, ошол күйүт, арман, ый арасынан: «өмүр таптакыр эле түгөнүп калбаптыр го, аягында тирүү жан калыптыр го. Турмуш менен дагы кармашып көрсөк кантет... Кудай-ай, эми ушул наристенин аманчылыгын бер!» – деп тилеп, кандайдыр жаңыдан пайда боло калган бүдөмүк ой туткунунда калды...»*

1. Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонай Алимандын баласын көрүп, кандайдыр жаңыдан пайда боло калган бүдөмүк ой туткунунда калышы чагылдырылган
2. Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонайдын акыркы сүйөнүчү Аллимандан айрылганы, бул дүйнөдөн көңүлү калгандагы абалы чагылдырылган
3. Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонайдын Жер Энеге өзүнүн аянычтуу тагдырын айтып турганы чагылдырылган

**Жооп:**

**2.** (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү үзүндү жөнүндөгү туура корутундуну аныктагыла.

– *«...Жаныңда отун турат, деп жигит сөзүн улады. От жакшы күйөт. Эртең менен күн бүркөлөт, сууктун мизи кайтат. Жакында кар жаайт. Мына жаай баштады.*

– *«Аа, мынакей жаай баштады.»*

– *Эл шашып жатат. Алардын жүктөрү оор, ачкадан ичтери жабышып калды. Жол алыс, алар тез барышат.Мен кеттим. Сен жакшы элесиңби?*

– *Жакшы эле. Мен күзгү жалбырактай бутакка араң илинип тургансыйм. Бир аз шамал болсо эле учуп түшөм.»*

1. Жек Лондондун «Жашоо мыйзамы» деген чыгармасынан алынган үзүндүдө адамдардын оор турмушу, табияттын катаал шарттары жана адамдын алсыз абалы сүрөттөлгөн. Каармандын "күзгү жалбырактай" деген сөзү анын алсыздыгын, өмүрүнүн туруксуздугун билдирет.Бул жашоонун мыйзамы эмеспи?
2. Жек Лондондун «Жашоо мыйзамы» деген чыгармасынан алынган үзүндүдө Коскуштун уруусу байыркы уруулардан эле. Ал бала кездеги карыяларды эстейт, алар өздөрүнө чейинки карыяларды эстешчү.
3. Жек Лондондун «Жашоо мыйзамы» деген чыгармасынан алынган үзүндүдө Коскуш атасын бир кышта Клондайка дарыясынын жогорку жагына кантип таштап кеткенин эстеди, ошол жылы миссионер инжил китептери жана дары баштыкчалары менен келген кыш эле.

**Жооп:** ☐

3. (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү үзүндү жөнүндөгү туура корутундуну аныктагыла.

*«...Кара бешмантчан, быжыгыр тегерек кара сакал киши карап да койгон жок.Ал кайчы сунуп койгон оң бутунун тизесин сол колу менен басып, оң колу менен быкынына таянып, бутунун башын карагансып отура берди. Баланын алагай чоң көзү жез чарага жаймаланган боорсокко түшө калды...»*

1.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестинен алынган болуп, үркүндө жүргөн кыргыз элинин кайырчы болуп тентип жүргөн күндөрүнүн бир элеси чагылдырылган.
2.К.Баялиновдун «Ажар» повестинен алынган болуп, кыргыздардын Кытай жериндеги оор күндөрүнүн бир элеси чагылдырылат.
3.М.Элебаевдин «Бороондуу күнү» аңгемесинен алынган болуп, жетим баланын ызгаардуу кыш күндөрүнүн биринде өткөргөн бир күнүнү элеси чагылдырылган.

**Жооп:** ☐

**4. (**Колдоо– 9 балл) Төмөнкү үзүндү жөнүндөгү туура корутундуну аныктагыла.

*“.. Бир убакта Асель шарт турду да, кйине баштады.*
– *Эмне отурасың? – деп назарлана айтты.*
– *Анан эмне кылам? – деп булдурадым.*
– *Автобазага кайтып бар!*
– *Эмне дейт? Прицепти таштаппы?*
– *Сага эмне? – деп бакырып алып, үй ичинде аркы-терки баса кеттим. – – Прицепти кайра сүйрөтүп кайсы бетим менен барам? Ит болдум, куш болдум, ушул ишке туш болдум болдум, кечирип койгула деп барамбы? Жо-ок! Эмне кылса ошо кылышсын. Урганым жок!»*

1. Бул үзүндү Ч.Айтматовдун «Делбирим» повестинен алынган болуп, мында Илиястын Долондогу авариясы жөнүндө Асел менен Илиястын пикири эки башка экендиги, Илиястын чындыкты жашырышы, Долондогу авария «техникалык авария» эмес, Илиястын моралдык, «адамдык» кыйрашы болгондугу көрүнөт.
2. Бул үзүндү Ч.Айтматовдун «Делбирим» повестинен алынган болуп, мында Аселдин Кадийчага ачууланып, Илияска каршы чыгышы, экөөсүнүн жолу эки башка экендиги, Илиястын коркоктугу көрүнөт.
3. Бул үзүндү Ч.Айтматовдун «Делбирим» повестинен алынган болуп, мында Асел менен Илиястын бири-бирине ачуу кылып, ажырап кетиши, турмушунун акыркы чеги экендиги көрүнөт.

**Жооп:** ☐

**5.** (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү үзүндү жөнүндөгү туура корутундуну аныктагыла.

*«...Алтынай Сулайманова бир нерсе айткысы келгендей, теректерди карай тиктеп,унчукпай карап турду да, бир убакта мындай деп сурап калды:*

- *Москванын поезди биздин станция менен түнкү саат он бирлерде өтөт эмеспи?*
- *Ооба, эже, он бирлерде өтөт го, – дедим.*
- *Эмесе, мен азыр эле жөнөшүм керек.*
- *Эмне үчүн? Сиздн бир-эки күн туруп кетмек убадаңыз бар эле го? Эл сизди дегеле жиберишпейт, эже.*
- *Жок менин абдан зарыл жумуштарым бар да. Бүгүн кетпесем болбойт, же болбосо азыр кетсем белем.*

*Станцияга келген соң, поездге түшөрдө акырын минтип сурадым:*

- *Эже, бир нерсеге өтө кейип, капа болуп келдиңиз, таарынган жериңиз барбы, ыя?*

*Жок, эч антип ойлобогула.Эмнеге таарынайын, тим эле.Таарынсам да өзүмө гана таарынам. Албетте, оюңарга эчтеке албагыла, – деди...»*

1. Чынгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестиндеги Алтынай Сулайманованын мектептин ачылуу аземинин кадырлуу төрүндө өз ордунун жоктугун билип кетип жатканы чагылдырылган.
2. Чынгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестиндеги Алтынай Сулайманованын Москвада шашылынч жумушу чыгып калганы үчүн кетип жатканы чагылдырылган.
3. Чынгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестиндеги Алтынай Сулайманованын мектептин ачылышынын төрүндө өзүнүн орду жоктугун билип кетип жатканы чагылдырылган.

**Жооп:** ☐

**20-СУРОО**

**1.** (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптарын уйкаш сөздөрдүн строфадагы жасалуу ордуна карай туура бөлүштүргүлө.

*Ойлосом дүйнө жалгансың,*
*Кимге бапаа кылгансың.*
*Кары дебей, жаш дебей,*
*Келин дебей, кыз дебей*

A) Шыдыр уйкаш
B) Аттама уйкаш
C) Оромо уйкаш
D) Эгиз уйкаш

**Жооп:** ☐

2. (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптарын уйкаш сөздөрдүн строфадагы жасалуу ордуна карай туура бөлүштүргүлө.

*Жамгырдын көркү туманда,*

*Бүркүттүн көркү кыраанда.*
*Байкабай жүрсөң кокустан,*
*Кор болосу жаманга.*

A) Шыдыр уйкаш
B) Аттама уйкаш
C) Оромо уйкаш
D) Аксак уйкаш

**Жооп:** ☐

3. (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптарын уйкаш сөздөрдүн строфадагы жасалуу ордуна карай туура бөлүштүргүлө.

*Эчкинин көркү – төл менен,*
*Эгиндин көркү – жер менен.*
*Эликтин көркү – төр менен,*
*Эр жигит көркү – эл менен*

A) Шыдыр уйкаш
B) Аттама уйкаш
C) Оромо уйкаш
D) Эгиз уйкаш

**Жооп:** ☐

4. (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптарын уйкаш сөздөрдүн строфадагы жасалуу ордуна карай туура бөлүштүргүлө.

*Келериңде дүнүйө,*
*Өзөнгө бүткөн талдайсың.*
*Кетериңде дүнүйө,*
*Өлүмдөн бетер алдайсың.*

A) Аттама уйкаш
B) Оромо уйкаш
C) Эгиз уйкаш
D) Аксак уйкаш

**Жооп:** ☐

5. (Колдоо– 9 балл) Төмөнкү берилген ыр саптарын уйкаш сөздөрдүн строфадагы жасалуу ордуна карай туура бөлүштүргүлө.

*Кээде тилге келе алса,*
*Кээде тилге келе албай,*
*Кээде көзү көрө алса,*
*Кээде көзү көрө албай*

A) Шыдыр уйкаш
B) Аттама уйкаш
C) Эгиз уйкаш
D) Аксак уйкаш

**Жооп:** ☐

**21–25-СУРООЛОР**
**1- КӨРКӨМ ТЕКСТ**
21 – 25-суроолор текст негизинде аткарылат.

Бир күнү кечке жакын:

– Сарыбай байдын байбичеси чакырат, – деп мени бирөө чакырып, алып кетти.

Сарыбайдыкы Кең-Суунун ичинде, алыстан бадырайып, турган эки ак үй эле. Тегерегинде дайым мандырдай болгон төрт-беш боз үйлөр тигилип турар эле.

Ушинткен Сарыбайдын байбичеси мени киши катары санап, «ардактап» чакыртып жибергени мени таң калтырды. «Сарыбай» деп укканым менен үйүн көргөн эмесмин. Бардым. Тыштан бирөө мени баштап барып, ак үйүнө кийирди. Мен кирип токтогондо алдыңкы бөлмөсүндө чымкый бачайы – макмалдын жашыл жашыл тукаба чапанын желбегей жамынып, көөлгүгөн бир зайып турат. Башында заңкайган торгул элечеги бар зайып отурат. Байбиче ушул экенин байкадым.

Жашы жетип калса да, (бери болгондо элүү беште болор) кең дөөлөттүн аркасында карылыкка толуп моюн суна койбогондугу көрүнүп турат. Семиз, чатыраган Кызыл киши экен.

Мени кирип барганда: «мына бул жерге олтур» дегендей ишаара кылып, өзүнө жакын жерден орун көрсөттү. Бир аз жымжырт. Тагдырым ушунун колунда тургандай, ааламга аян болгон байбиченин алдында, анын чечимин күтүп, байлоого түшкөн кулдай уңкуюп, мен отурам.

Байбиче бир кезде сол колун сунуп, мага бирдеме берди. Колума тийгенден кийин карасам: бир беш тыйындык, бир эки тыйындык – жети тыйын жез! Адегенде : «капырай, сан жылкылуу Сарыбайдын колунан жети тыйын чыкканбы» деп ойлосом да, артынан түшүндүм. Бул мага берген садагасы экен! Анткени Сарыбай бай көптөн бери ноокас эле .Бая мен келгенде элдин аягы басылбай , бири кирип, бири чыгып, төркү бөлмөдө жаткан байдын көңүлүн сурап жатышкан. Мен ушул үчүн чакырылып келипмин. Азыр мен нан жеп отурганда, байбиче бирдемени дубалап жаткан молдодой, оозу-башын күбүрөтүп, колунда аралаштырып кармап турган бир, эки жез тыйынга «суф» деп коюп отурган.

Садага бериш үчүн төрт кыбыласы түгөл жетим издешип, буга бүтүн Кең-Суудан мени тапса керек!

Бир нанды жеп, жети тыйынды алганымдан кийин, эми менде да эч кимдин тыйынча жумушу жок көрүндү, жолума түштүм. Бая мени үйүнө киргизген неме иттен чыгарып койду. Жолдо бара жатып, бүгүн мени кордогондой, кемсинткендей болуп көрүнүп, көңүлүм иренжиди.

Мукай Элебаев

**21.** (Билүү – 8 балл) Текст мазмунун камтыган темаларды аныктагыла.
A) «Жетимдин кордугу»
B) «Достук менен сүйүү»
C) «Садага берүү»
D) «Бай менен кедей»
E) «Теңсиздик»

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**22.** (Колдоо– 9 балл) Текстте сүрөттөлгөн образдар жана алардын психологиялык абалына берилген туура мүнөздөмөнү аныктагыла.
1.Бала байбичеден коркуп, үн катпай отурат.
2.Бала өзүн бактылуу жана сыйлангандай сезет.
3. Бала ички нааразычылыгын сезип, көңүлү иренжийт.
4. Байбиче балага чын дилден жардам берет.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**23.** (Колдоо– 9 балл) Тексттеги окуялардын туура кетме-кеттиги боюнча жазгыла.
1. Ошол эле учурда үйдө элдин тынымсыз кирип-чыгышынан улам, бала Сарыбай байдын ооруп жатканын аңдап түшүнөт.
2. Бала ошол жерде нан жеп, берилген тыйындарды алгандан кийин, анын бул жердеги иши бүткөндөй болуп, сыртка чыгат.
3. Сарыбай байдын байбичеси баланы атайын чакыртып, бирөөлөр аркылуу алып келдиргенден кийин, бала анын үйүнө барууга аргасыз болот.
4. Бир аздан кийин байбиче дуба кылгансып, колундагы тыйындарды үйлөп, балага жети тыйын садага катары сунат.

***Жооп:***

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**24.** (Ой жүгүртүү– 14 балл, кыска жооптуу) Текстти окуп, кандай корутундулар туура келишин аныктагыла.

1-корутунду: Байбиче садаганы чын дилден эмес, салт катары берди
2-корутунду: Бала өзүн сыйлангандай сезди
3-корутунду: Байбиче абдан мээримдүү жана жоомарт болду.
4-корутунду: Байлык менен адамгерчилик дайыма бирдей боло бербейт .

**Жооп:** | | | | |

**25.** (Ой жүгүртүү– 16 балл, кеңейтирилген жооптуу) Окуяны текст мазмунуна шайкеш келген түрдө уланткыла. Пикириңерди 60-80 сөз менен баяндагыла.
**Жооп:**______________________________________________________________

## 2-КӨРКӨМ ТЕКСТ

21 – 25-суроолор текст негизинде аткарылат.

Жел жеткирген жаңы кандын жыты каңылжаарын жарып, арaанын козгогон сайын улам кара тумшугун жаланып, ач карышкыр күрпөң жортуп келатты. Жыт кууп, жакындаган сайын ач карыны кынжыйып ичине тартып, эртең менен өлүмсүк, суз көздөрү от жанып кызарып келет.Кыштан арык чыккан кылкандаган каман жалдуу дөбөт карышкыр эле. Аксайды кыштаган бөкөндөрдүн арык-торугун кармап жеп жүрүп, бул кышты кечирди. Эми бөкөндөр казактын эрме чөлүнө түшүп кеткенден бери, кабыргасы каржайып, тумшугун желге тосуп, улуп-уңшуп отуруп калган. Жаш бөрүлөр тобу менен тоодо аркар-кулжанын алсырагандарын кууп жүрөт. Бул болсо, суур качан чээнден чыгат деп, күңгөй боорду жойлоп келген, чарчаганда ач курсагын күнгө кактап, тилин салаңдатып солуктап жатат. Бирок бүгүн-эртең чыгат деген суурлар кечигип, али жок. Айласы түгөнгөндө карт бөрү күнөстөгү көк ыраңды жалмалайт. Ал оокат болмок беле, ал өзөгүн өрттөп, ичин ого бетер курутат.

Жаңы кандын жыты башын айлантып күчөгөн сайын бөрүнүн заары күчөп, башка бир ит-куш ээлеп албагай эле дегенсип чуурутуп азгырган жыт жылкы этинин жыты эле. Жылкынын эти менен теринин буруксуган жыты бөрүнү мас кылып жиберди. ...Ушу жутунган боюнча боюн токтотпостон барып өлүк жылкыга тиш салмакчы болду, бирок куу бөрү көнүмүш сактыгына салып, шилекейин жалана боюн зордоп токтотуп, өлүктү бир айланып чыкты.

Жылкынын өлүгүнүн жанында адам турганын көрө сала бөрү селее токтоду. Адам чочуп тура калды.

– Эй! – деп, Султанмурат тап берип, жерди тепти. Карышкыр кетенчикте секирди да, куйругун такымына кысып, четке жылжый басты. Жолу болбоду. Адам турат. Адам этке жолотпойт. Бөрү жортуп саал алыстай берди да, тык токтоп,

ыркырап адамга кайрылды. Көздөрүнөн көк чаар учкундар чачырап, кылкан жалы түксүйдү. Башын ийнине ката жыйрып, азууларын шакылдата арсайтып, жаалы көзүнө чыгып, акырын жакындай берди.

Султанмурат катуу кыйкырып бөрүнү токтотту да, Чабдардын жүгөнүн шыпырып ала койду. Жүгөндү колуна ороп жиберип, ооздукту салмоорлоп кармады. Эми анын куралы ушу жүгөн болуп калды.

Карышкыр дагы жакындап келди да, кылкан жалы дүгдүйүп, тулку-бою тырышып, секирмекчи болуп, жерге жабышып жата калды. Көздөрү Султанмураттын көзүнө кадалды. Бөрүнүн көзү курчураак, заардуурак сезилди.

Бирок Султанмурат жалтанбады. Болгондо өмүрүндө биринчи жолу жүрөгү муштумдай эт экенин, ал дүкүлдөп, көкүрөгүн ургулап жатканын даана сезди...

Султанмурат жүгөндү оңтойлото кармап, илгери жүткүнө даяр турду.

*Чыңгыз Айтматов*

**21.** (Билүү – 8 балл) Текст мазмунун камтыган темаларды аныктагыла.
A) «Адам менен жапайы жаныбар арасындагы психологиялык чыңалуу»
B) «Табияттагы катаал шарттар жана жырткычтык инстинкт»
C) «Тайманбас жана рационалдуу адамдык аракет»
D) «Достук жана өз ара жардамдашуу»
E) «Жырткычтар менен кармашуу»

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**22.** (Колдоо– 9 балл) Текстте сүрөттөлгөн образдар жана алардын психологиялык абалына берилген туура мүнөздөмөнү аныктагыла.
1. Карышкыр — ачка, жырткычтык инстинкти күчтүү, бирок ойлонулган сактык менен аракет кылган аң-сезимдүү жаныбар.
2. Карышкыр тынч, ачкачылык сезбеген жана агрессиясыз болуп, ойлонбогон, жөн эле баш аламан чуркаган.
3.Султанмурат корккон жок, эч кандай психологиялык чыңалууну сезген эмес.
4.Султанмурат — коркуу сезими бар болсо да, кайраттуу, тайманбас, кырдаалга рационалдуу жооп берген инсан.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**23.** (Колдоо– 9 балл) Тексттеги окуялардын туура кетме-кеттиги боюнча жазгыла.
1. Адамды көргөндө, карышкыр артка жылып, күчүн сактап, акырын жакындап, көздөрүн адамга кадалтып, психологиялык чыңалууну сезди.
2. Жаңы кандын жыты карышкырдын ач карынын күчөтүп, ал жаш бөрүлөр менен тоодо малды кууп жүрдү.
3. Султанмурат тайманбай, жүгөндү шыпырып алып, ооздукту кармап, карышкырдын агрессиясына рационалдуу жооп берди.

4.Жылкы этинин жыты аны азгырганда, карышкыр өлүк жылкыга тиш салууга аракет кылды, бирок сактык аны токтотту.

***Жооп:***

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**24.** (Ой жүгүртүү– 14 балл, кыска жооптуу) Текстти окуп, кандай корутундулар туура келишин аныктагыла.

1-корутунду: Карышкыр ачка болгондуктан агрессивдүү жана азык табууга багытталган.
2-корутунду: Карышкыр адамдан коркпой, каалаганын жасаган.
3-корутунду: Султанмурат эч кандай коркуу сезимин сезген эмес.
4-корутунду: Табияттагы ачкачылык жана тиричилик үчүн күрөш сүрөттөлгөн.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**25.** (Ой жүгүртүү– 16 балл, кеңейтирилген жооптуу) Окуяны текст мазмунуна шайкеш келген түрдө уланткыла. Пикириңерди 60-80 сөз менен баяндагыла.
**Жооп*:***______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

## 3-КӨРКӨМ ТЕКСТ

21 – 25-суроолор текст негизинде аткарылат.

Чабармандар али да жол жүрүшүүдө. Уруштун тополону азырынча Анжиянга жете элек. Шаардын сыртындагы кооз чарбак бийик дубалдар менен тосулуп, дарбазаларына сакчылар коюлган. Чарбактын ичинде он эки жаштагы Бабур мырза аскердик ишке машыгып жаткан эле.Ал чарбактын четиндеги жалаң жерден боз атынын оозун коё берип, чапкан бойдон баратып, атайын орнотулган бутаны ата баштады. Жаанын жебелери бута болуп турган жыгачка шак сайылып жатканы баарына угулуп турду.

Бир топ чабандоз жигиттер чынардын көлөкөсүндө туруп, мырзанын машыгуусун карап турушкан эле. Кара атчан Мазидбек биринчи болуп, бутага бастырып барды.

Ал падыша тарабынан атайын дайындалган Бабур мырзанын кеңешчиси, насаатчысы болчу.

Бабур атын буруп кайра келгенде Мазидбек ага:

– Бир аз бийигирээк мээлеп атып жиберипсиз, – деди. – Болбосо, жаанын жебеси абдан терең сайылган экен.
Мазидбек бутага бекем кадалып калган жаанын жебелерин сууруп алды да, алардын тактайга канчалык терең киргендигин бармагы менен өлчөп көрүп:
– Билегиңизде күчүңүз көп, амирзадам! Тим эле арстандай күчтүүсүз. Улуу урматтуу адыша сизге бекеринен Бабур деп ат койбоптур. «бабур» арабча «арстан» дегенди түшүндүрөт!
Бабур мырзанын нөкөрлөрү, куралдарды алып жүрүүчү жоокерлери, эрмектеш теңтуш курбулары да бутанын жанына жыйылышты. Алар Бабурдун али жаш өспүрүм экендигин, ошондон улам колундагы жаа анын боюна жараша жасалгандыгын билишчү. Муну ойлогон Бабур айтылган мактоону кабыл алгысы келбеди.
– Арстандай күчтүү деп атамды айтсаңар болот.Мен көргөмүн ал кишинин жебелери мындан оң эсе терең да, күчтүү да тийүүчү. Анан муштум менен урганда эң чоң жигиттерди да жыгып түшүрчү.
– Бул жерде мен амирзадабыз улуу урматтуу падыша атасын тартып ушундай күчтүү кайраттуу болуп жетилип жатканын айтмакчы элем!
Мазидбек сөздүн төркүнүн кылдаттык менен башкага бурганын сезип, Бабур күлүп койду. Анын сары түктүү жазы маңдайынан, илебинин үстүнөн тердин тамчылары жылтырап, көрүнүп турду.
– Күн ысып кетти, амирзадам. Жай рамазаны адамды алсыратат.Кечки ооз ачарга чейин талыкшып, чаалыгып калбагыла. Эми салкынга барып дем алгыла. Мен болсо Анжиян сепилин коргонууга даярдоо аракетинде боломун.

**21.** (Билүү – 8 балл) Текст мазмунун камтыган темаларды аныктагыла.
A) «Бабурдун аскердик машыгуусу»
B) Бабурдун согуштук жеңиштери
C) Саясий же падышалык иштери
D) Жаш өспүрүмдүн чектелген күчү
E) «Чарбактын кооздугу жана коргонуусу»

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**22.** (Колдоо– 9 балл) Текстте сүрөттөлгөн образдар жана алардын психологиялык абалына берилген туура мүнөздөмөнү аныктагыла.

1. Бабур – машыгууда эч качан талыкпайт жана эмоциясын эч качан көрсөтпөйт.
2. Бабур – мактоону жактырат жана ар дайым нөкөрлөрүнө таянат.
3. Мазидбек– экинчи пландын каарманы, кеңешчи жана нөкөр.
4. Мазидбек —Бабурга ар дайым жагынууга аракет кылат жана туура кеңеш берет.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Жооп:**

**23.** (Колдоо– 9 балл) Тексттеги окуялардын туура кетме-кеттиги боюнча жазгыла.
1. Чабармандар жол жүрүшү – окуя башында чабармандар уруштун тополону Анжиянга жетпей жатканын билгизип, жол жүрүштү көрсөтөт.
2. Мазидбектин эскертүүсү – күн ысып, рамазан айы адамдарды алсыратары тууралуу эскертет жана Бабурду дем алууга чакырат.
3. Бабурдун жоопкерчилиги жана ички сезими – ал мактоого толугу менен көнбөйт, өзүнүн чыныгы күчүн баалоону каалайт.
4. Бабурдун машыгуусу – чарбакта он эки жаштагы Бабур жаа менен бутаны аткан машыгуусун жүргүзүп жатат.

***Жооп:***

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**24.** (Ой жүгүртүү– 14 балл, кыска жооптуу) Текстти окуп, кандай корутундулар туура келишин аныктагыла.
1-корутунду: Бабур мырза өз аскерлерин машыктырып, алардын дисциплинасын жана жөндөмүн күчөтүүгө умтулат.
2-корутунду: Бабур мырза аскерлерге катуу жазалоо жүргүүнү талап кылышы көрсөтүлөт.
3-корутунду: Бабур мырзанын нөкөрлөрү алдындагы урматы көрсөтүлөт.
4-корутунду: Бабурдун жоопкерчилиги жана ички сезими сүрөттөлөт.

**Жооп:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**25.** (Ой жүгүртүү– 16 балл, кеңейтирилген жооптуу) Окуяны текст мазмунуна шайкеш келген түрдө уланткыла. Пикириңерди 60-80 сөз менен баяндагыла.
**Жооп*:***___________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________________

## 4-КӨРКӨМ ТЕКСТ

21 – 25-суроолор текст негизинде аткарылат.

От өчүп суук күч ала баштаганга чейин көпкө Коскуш жаш кезин ойлонуп отурду. Бул жолу ал отко эки отунду бирдей таштап, жашоосун өлүм алдында өлчөдү. Эгерде Сит-кум-ту-ха таятасын ойлосо , ал көбүрөөк отун таштамак: анын жашоосунун сааты бир аз болсо да узагыраак болмок. Бул кыйын беле? Бала

чагынан бери эле Сит-кум-та-ха бейкапар бала болчу.Зинг-ханын баласы Бобр менен мамиле болгондон бери ата бабасын сыйлоону да унутту. Бирок, өзү деле курч жаш кезинде башкача жасамак беле.Бир мүнөткө Коскуш жымжырттыкты тыңшады. Мүмкүн баласынын жүрөгү жумшарып, иттери менен келип өзү менен кошо алып кетээр.

Көзү караңгылаган Коскуштун алдында атасын бир кышта Клондайка дарыясынын жогору жагына кантип таштап кеткенин эстеди, ошол жылы миссионер инжил китептери жана дары баштыкчалары менен келген кыш эле.

Коскуш кулак түрдү: анын чымырканып тынбай иштеп жаткан мээси көз ирмемге токтоду. Эч дабыш жок, жымжырттык. Жымжырттыктын арасында ал гана жалгыз дем алат. Жалгыздык бул эмне? Денесин калтырак басты.Тааныш улуган үн жымжырттыкты бузду. Ал жакын эле жерден жаңырды. Көзү караңгылаган Коскуштун алдында кары, денеси тамтыгы жок тытылган, канга боёлгон, жалын калбыр, бутак мүйүздүү, акырына чейин жанын коргоп чабалактаган багыштын элеси тартылды. Ал атырылган карышкырдын көк денесин, күйүп турган көздөрүн, оозунан шилекейин чачыраткан курч тиштерин көрдү. Ал ээ-жаа бербей келе жаткан үйүр тапталган кардын ортосундагы курмандыкты кара тал болуп калгыча курчап жакындап келе жатканын көрдү.

Муздак тумшук анын ээгине тийип кетти: бул анын жан дүйнөсүн ойготуп, кайрадан өзүнө келтирди.

Жашоого эмнеге жабышабыз? – деп Коскуш өзүнөн -өзү сурап, күйүп жаткан чычаланы карга ыргытты. Ал кышылдап барып өчүп калды. Тегеректеген карышкырлар коркунучтуу ырылдай баштады. Бирок, ордунан жылышкан жок. Кайрадан Коскуш чал багыштын акыркы абалын көрдү. Ал тизесине башын чарчаңкы жөлөдү. Анан, акырында эмне болду? Бул жашоонун мыйзамы эмеспи?

*Жек Лондон*

**21.** (Билүү – 8 балл) Текст мазмунун камтыган темаларды аныктагыла.

A) «Ата-баба салтын унутуу»
B) «Жашоо менен өлүмдүн кармашы»
C) «Табияттын катаал мыйзамы»
D) «Шаардагы жайлуу жашоо»
E) «Достук жана майрамдык кубаныч»

**Жооп:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**22.** (Колдоо– 9 балл) Текстте сүрөттөлгөн образдар жана алардын психологиялык абалына берилген туура мүнөздөмөнү аныктагыла.

1. Коскуш – жалгыздыкта калган, өлүмдү сезген, өткөнүн эстеген кары адам.
2. Коскуш – кубанычтуу, камкордук көрүлгөн адам.
3. Сит-кум-та-ха – акылман, салтты бекем сактаган уул.
4. Сит-кум-та-ха – жаш, бейкапар, ата-бабанын салтын толук баалабаган адам. Ал таятасын таштап кеткендиги менен кайдыгерликти жана жоопкерсиздикти көрсөтөт.

**Жооп:** | | | | |

**23.** (Колдоо– 9 балл) Тексттеги окуялардын туура кетме-кеттиги боюнча жазгыла.
1. Ал атасын таштап кеткен учурду эскерип, жымжырттыкты тыңшоо аркылуу жалгыздыкты жана ички коркунучту терең сезет.
2. Коскуш оттун жанында отуруп, өткөн жашоосун эстеп, уулунун кайдыгерлигин ойлоп, өз тагдырын өлүм алдында таразалап отурат.
3. От өчүп, коркунуч күч алган учурда Коскуш жашоонун мааниси тууралуу ой жүгүртүп, табият мыйзамына баш ийүүгө аргасыз болот.
4.Карышкырлардын улуган үнү угулуп, анын көз алдына багыш менен жырткычтардын кармашы элестеп, табияттын катаалдыгы ачылат.

***Жооп:*** | | | | |

**24.** (Ой жүгүртүү– 14 балл, кыска жооптуу) Текстти окуп, кандай корутундулар туура келишин аныктагыла.
1-корутунду: Коскуш карылыкта жалгыз калып, өмүрүн кайра ойлонуп жатат.
2-корутунду: Каарман акырында тагдырына моюн сунууга аргасыз болот.
3-корутунду: Табият адамга дайыма жумшак жана коопсуз шарт түзөт.
4-корутунду: Уулу атасына жардам берип, аны сактап калат.

**Жооп:** | | | | |

**25.** (Ой жүгүртүү– 16 балл, кеңейтирилген жооптуу) Окуяны текст мазмунуна шайкеш келген түрдө уланткыла. Пикириңерди 60-80 сөз менен баяндагыла.
**Жооп***:*______________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________

**5-КӨРКӨМ ТЕКСТ**

21 – 25-суроолор текст негизинде аткарылат.

Сарыбай бүркүттүн томогосун сыйрыды. Бүркүт дароо колдон суурулуп, заматта көккө атылып чыкты. Бере көр! Сарыбайдын жүрөгү дүкүлдөп кетти. Бере көр, чоң кудай! Бере көр, кең кудай! Сарыбай эки көзүн жүлжүйтүп, кубанып көк тиктеп,

кайсаңдап ар тарабын каранып, кайсыл жерден кандай аң качып чыгып калар экен деп, дегдеп жүзү жаркырады.
Ошол бойдон, ошол кеткен бойдон бүркүттүн карааны көрүнбөй калды. Мүнүшкөр жалбырак болуп дирилдеп күттү. Жок... Жел гана шыбактардын башын шыбыраштырып жатты. Эч дареги жок... Кеткени ушубу!.. Сарыбайдын ичи сыйрыла баштады.
— О, кырааным... Кетип калдыңбы?..
Сарыбайдын көздөрү жашылданып боз асманга телмирди, эч көтөрө албай турган, эч көнө албай турган сары убайым басты. Оозун кымтышты унутуп, кичинекей сакалын сербейтип, нары-бери алдастап кетти. Боз асман анын жүрөгүн байкатпай лук жутуп коюп, анан өзүн мисирейип карап тургандай болду. Сарыбайдын ичи тытылды. —О, кырааным... Мени таштап кеттиңби?!. Мен куруюн, мен бир жазгы каатчылыктан сени алып чыга албадым... О, кырааным...
Сарыбай баштагыдай үндөп чакыра албады. Антүүгө укугу жоктой сезилди. Тили күрмөлбөдү. Айласыз, кубатсыз бууну титиреди. — О, кырааным... Балам менен барабар көрчү элем... О...
Ана! Алда кайдан бүркүт шаңшыды. Ана! Сарыбайдын жүрөгү жарылып кете жаздады. Ана! Илбээсин көргөндө гана ушундай шаңшычу ал. Сарыбай токтоно албай көйнөгүн унутуп, жылаңач дардаңдап чуркады. Үндү улап чуркады.
— О, айланайын үнүңдөн... Айланайын... — деп, каргылданып, эки колун ового сунуп кыйкырды. Ошол! Төбө жактан абаны жарып шуулдап угулган күү гана улам жакындап келатты. Ошол! Сарыбай элтеңдеп, сүйүнгөнүнөн каңырыгы түтөп, кудайга да, бүркүтүнө да жалынды. Сарыбай эки жагын каранды. Эмне үчүндүр а жопарада шакка корголоп же суналып качып жөнөп берген аң көрүнбөйт. Ана! Бүркүт! Күчтүү канаттарынын күүсү желдин шоокумун каптап, найзанын учундай ышкырып тик сайылып өзүнө келатты. Сарыбай нестейе түштү... Ойлонтпой, камынтпай бүркүт аркан бою кирип келди, ошондо Сарыбайдын колу жерден балдакты ала коюп, бетине кармай берди. Каардуу бүркүт тайманбай көз ирмемде селдей шаркыраган күч менен келип бир тээп өттү, жыгач балдак шарт тең бөлүнүп сынып түштү.
— А-ай! Кантесиң, кырааным! ...
Ошол чөлкөмдү үч айланып чабыт кылып, көзүнө тирүү жандуудан эчтеме илинбей, дөңдө кыбырап жүргөн жалгыз караан өзүнө тартып, ач бүркүт ал караанга таштап жиберген эле. Ал мүнүшкөрүн тааныган жок. Жылаңач Сарыбай анын көзүнө кийиктин улагы сыяктанып көрүнгөн окшоду.
Бүркүт кайра көккө атылып чыкты. Сарыбай эсин жыйышка үлгүрө албады, бүркүт темир чеңгелдерин арбайтып, курч тумшугун ачып, чекирейген кызыл тегерек көздөрүнөн заар чачып, ошол замат кайра шуулдап кирип келди. Өлүм! Колунда куралы жок адам сепкилдүү кара ташты кара тутуп, ошондон калка издеп, тегерене качты... Өлүм! Алдастады... Өлүм! Ушул өлүм коркунучунун алдында көзүнө канга боёлуп кулактарын шалпайтып жерде жаткан тайгандын башы көрүндү, анын нуру өчкөн көздөрү кадалып тиктегендей, табалагандай. Келме кезек!
А-а!.. Жер тыткылап, таш аткылай баштады. Колуна эмне кирсе ошону менен, топурак кирсе топурак, чөп кирсе чөп менен шилтеп, ошону менен өлүмдөн коргонду, өлүмгө айбат кылды. А-а-а!.. Жандалбас кылды.

*Төлөгөн Касымбеков*

**21.** (Билүү – 8 балл) Текст мазмунун камтыган темаларды аныктагыла.
A) «Мүнүшкөр жана бүркүт»
B) «Шаар жашоосу»
C) «Балалык оюндар»
D) «Коркунуч»
E) «Ачкалык жана чабуул»

**Жооп:** | | | | | |

**22.** (Колдоо– 9 балл) Текстте сүрөттөлгөн образдар жана алардын психологиялык абалына берилген туура мүнөздөмөнү аныктагыла.

1. Сарыбай — коркуу, үмүт жана сүйүү аралаш эмоцияда; психологиясы татаал.
2. Бүркүт жумшак, дос жана үй жаныбары сыяктуу.
3. Мүнүшкөр активдүү күрөшөт же коркунучту жеңет
4. Бүркүт — тайманбас, күчтүү, катаал, табияттын эркиндигин символдойт.

**Жооп:** | | | | |

**23.** (Колдоо– 9 балл) Тексттеги окуялардын туура кетме-кеттиги боюнча жазгыла.

1. Бүркүт кайра көккө атылып чыгат, окуя күч жана коркунуч менен аяктайт.
2. Сарыбай бүркүттүн томогосун сыйратат, бүркүт дароо көккө атылат.
3. Бүркүт кайра шаңшыды, Сарыбай чуркап барып балдакты кармайт.
4. Сарыбай үмүт жана коркунуч аралаш сезимде, бүркүттүн көрүнбөй калганы үчүн сары убайымга батып калат.

***Жооп:*** | | | | |

**24.** (Ой жүгүртүү– 14 балл, кыска жооптуу) Текстти окуп, кандай корутундулар туура келишин аныктагыла.
1-корутунду: Сарыбай тынч жана эмоциясыз, коркунучка реакциясыз болуп калат.
2-корутунду: Бүркүт тайманбас, күчтүү жана табияттын эркиндигин чагылдырат.
3-корутунду: Сарыбай бүркүт менен эмоционалдык байланышта, анын кубанычы жана коркуусу так көрсөтүлгөн.
4-корутунду: Бүркүт жумшак, дос жана үй жаныбары сыяктуу сүрөттөлөт.

**Жооп:** | | | | |

**25.** (Ой жүгүртүү– 16 балл, кеңейтирилген жооптуу ) Окуяны текст мазмунуна шайкеш келген түрдө уланткыла. Пикириңерди 60-80 сөз менен баяндагыла.
**Жооп*:***____________________________________________________________

________________________________________________________________